Ө. Осмонов, Ш. Керимова, Ө. Саалаев

# АДАМ ЖАНА КООМ

6-класс

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо

Бишкек–2018

УДК 372.8
ББК 74.263.7
А 28

Окуу китеби Кыргыз улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, КРдин илимине эмгек сиңирген ишмер, тарых илимдеринин доктору, профессор Ө. Ж. Осмоновдун жетекчилиги менен даярдалды.

А 28 **Адам жана коом.** 6-класс. Мугалим. үчүн методикалык колдонмо/ Ө. Осмонов, Ш. Керимова, Ө. Саалаев. Б.: – Билим-компьютер. 2018. – 80 б.

ISBN 978–9967–31–818–2

Окуу методикалык колдонмо «Адам жана коом» предмети боюнча Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлиги 2015-жылы жылы бекиткен билим берүүнүн стандартына ылайык даярдалды.

А 4306010800–18

УДК 372.8
ББК 74.263.7

ISBN 978–9967–31–818–2

© Авторлор жамааты, 2018
© КР билим берүү жана
илим министрлиги, 2018

## Бул усулдук колдонмонун өзгөчөлүктөрү

Колуңардагы сабактын планынын усулдук иштелмелери «Адам жана коом» сабагынын окуу китеби үчүн жазылып, азыркы учурдун талабына ылайык иштелип чыкты. Алар ар бир темага байланыштуу интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен даярдалган. Ошондой эле ар бир сабактын максатына ылайык окуучулар жетише турган ийгиликтер жана сабактардын жабдылышы даана көрсөтүлдү.

Бул сабактардын иштелмелеринде башкаларга салыштырганда көп өзгөчөлүктөр бар. Алсак, сабактын планын жазганда сабактын өтүлө турган күнүнүн ордуна (өтүү мөөнөтү) өтүлө турган жумасы көрсөтүлдү. Анткени, сабак өтүлүүчү күндү көрсөтүп койгондо, ар кандай себептер менен ал күнү өтүлбөй калышы мүмкүн. Мисалы: өтүү мөөнөтү сентябрдын биринчи жумасы деп көрсөтсөк сабак ошол жуманын ичинде өтүлөөрү белгилүү болот.

Дагы бир өзгөчөлүгүн алсак, ар бир сабак фрагмент түрүндө жазылып, өтүү убактысы 15–35 мүнөттү камтыйт. Ушул убакытка ченелип, тексттер ж.б. тапшырмалар даярдалып, окуучуларга берилет. Калган убактыларын мугалим өз алдынча пайдалана алат. Бул тексттер окуучулардын түгөйү менен же чакан топтордо иштөөсүнө арналып, биргелешип иштөөгө, бири-бирин окутууга, жалпы класс менен талкуулаганга ылайыкталып жазылды. Мындай фрагмент түрүндө интерактивдүү ыкмаларды пайдаланып жазылган сабактар окуучуларды жандандырып, сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Тактап айтканда, мугалим менен окуучулардын аткара турган иштери толугу менен кадамдарга бөлүнүп, иштелип чыккан. Бул усулдук колдонмону даярдоодо кызматташып жүргөн эл аралык уюмдардын («Сапаттуу билим», Регионалдык изилдөө институту, «Глобалдык билим берүү», «Шайлоо системасынын эл аралык фонду» жана «Гуманизм аркылуу тынчтыкка», «Айылдык билим берүү» ж.б. иш-тажрыйбалары пайдаланылды. Окуучулар берилген убакыт бүткөндө аткарган иштерин окуучулардын алдында жактап берүү (презентациялоо) мүмкүнчүлүк алышат.

Окуучулардын презентациясынан кийин мугалимдин, окуучулардын сабак тууралуу пикирин, түшүнүгүн, чечимдерди кантип кабыл алышкандыгын иликтөө үчүн аларга суроо берүүсү «рефлексия» (латынча – артка кайрылуу) деп аталат. Мисалы:

- Чечимдерди кандайча кабыл алдыңар?
- Сабак кызыктуу болдубу?
- Өзүңөрдү кандай сездиңер? ж.б.

Окуучулардын билимин, таанып-билүүчүлүк жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүчү интерактивдүү методдор да кеңири колдонулду.

**Интерактивдүү** – бул англис тилинен которгондо «өз аракетте болуу» дегенди билдирет. Интерактивдүү ыкма менен окутуу баарыдан мурда бул окуу процессинде өз ара байланышта болуу жана түгөйлөрдүн же топтордун өз ара аракеттениши менен алардын кызматташтыгы болуп саналат.

«Окутуунун интерактивдүү методу» деген терминдин өзү педагогикада XX кылымдын 80-жылдары пайда болгон. Советтик педагогикада ал «кызматташтык педагогикасы» деп аталган. Бул аталыш советтик мектептин эң жакшы сапаттарын, орус жана чет элдик психология – педагогикалык илимдин жана практиканын жетишкендиктерин бириктирип, 80-жылдардагы мугалимдер тарабынан берилген.

Интерактивдүү методдор мугалим менен окуучунун жана окуучу менен окуучулардын ортосундагы өз ара байланыштарын камсыз кылат. Ошондой эле окуу процессиндеги окуучулардын өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн жана биргелешип иштөө көндүмдөрүн өнүктүрөт.

Натыйжада окуучулар:

- Түгөйү менен жана топто иштей билүү;
- Проблеманы көрүп жана чече билүү;
- Бирге иштөөдө толеранттуулукту көрсөтө билүү;
- Бири-бирин угуу, сыйлоо ж.б. сапаттарга ээ болушат.

Ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөрдөн башка, сабактын планынын иштелмесинин максаттарын аныктоодо дагы бир нече талаптар ишке ашырылды. Алсак,

сабактын максатын мугалимдин позициясы жана окуучунун позициясы менен түзүү.

Төмөнкү таблицадагы мугалимдин позициясы бөлүгүндөгү сөздөр менен аяктаганда сабактын максаты мугалимдин ишине гана таандык болуп, окуучулардын өз максаттарына жетишүүсүн камсыз кылуу мугалимдин милдети болуп калат.

Сабактын максаты таблицадагы окуучунун позициясы бөлүгүндөгү сөздөр менен түзүлсө анда ал окуучуга тийиштүү болуп, сабак учурунда окуучулар ар түрдүү көндүмдөргө, билгичтиктерге, мамилелерге, баалуулуктарга ээ болушат.

| Сабактын максатын мугалимдин позициясы менен түзүү | Сабактын максатын окуучунун позициясы менен түзүү |
|---|---|
| • окутуу;<br>• билим берүү;<br>• түшүндүрүү;<br>• үйрөтүү;<br>• айтып берүү;<br>• өнүктүрүү;<br>• көрсөтүү;<br>• чыгаруу;<br>• тааныштыруу ж. б. | • окуучулар түшүндүрүп бере алышат;<br>• сүрөттөп бере алышат;<br>• колдоно алышат;<br>• айырмалай алышат;<br>• дал келтире алышат;<br>• түшүнүгүн калыптандырышат;<br>• өздөштүрүүсүн камсыз кылышат;<br>• билимин, маалыматын жогорулатышат;<br>• сынчыл ойломун өнүктүрүшөт;<br>• эске тутумун машыктырышат;<br>• көндүмдөргө ээ болушат;<br>• билгичтиктерге ээ болушат ж. б. |

Ар бир тема ушул талаптарды эске алуу менен иштелип чыкты.

Бул усулдук колдонмодо окуучуларга жакшы маанай түзүү үчүн интерактивдүү оюндар (разминка, муз жаргыч) берилди.

*Ишиңиздерге ийгилик каалайбыз!*

*Авторлор*

## Усулдарды туура тандоо

Сабак өтүү үчүн усулдарды туура тандоодо жана пайдаланууда төмөнкү критерийлерге (ченемдерге) таянуу керек экендиги окуу куралдарынын биринен алынды:

- Дидактикалык максат жана милдеттерди эске алуу;
- Теманын мазмунуна карата;
- Түзүлгөн шарттарга жана белгиленген мөөнөткө байланыштуу;
- Балдардын билим деңгээлдерине жараша;
- Мугалимдин мүмкүнчүлүгүнө карата;
- Психологдор менен физиологдордун берген жолдомосуна карата тандоо.

Кээ бир мугалимдер интерактивдүү ыкманы кызыктуу болгондугу үчүн колдонушаарын айтышат. Бирок, бардык эле сабактын максаты окуучуларды кызыктыруу менен гана чектелбейт. Интерактивдүү ыкмаларды тандаганда окуучуларды окутуп-үйрөтүүдө анын канчалык деңгээлде пайдалуу экендигин эске алуу керек. Андыктан методиканы тандаганда сиз эмнелерди жана эмне үчүн окутаарыңызды жана анын максатын өзүңүз так билишиңиз керек.

Мисалы, эгер окуучуларга кайсы бир конкреттүү фактылардын топтомун айтып берүүнү кааласаңыз, анда эң натыйжалуу жол катары активдүү усулдарды тандашыңыз мүмкүн. Ал эми окуучулардын көндүмдөрүн жана билгичтиктерин (мисалы, чет тилинде сүйлөө көндүмүн) калыптандырып жана өнүктүрүшүңүз керек болсо бир кыйла активдүү интерактивдүү усулдарды колдонсоңуз болот. Анткени, мында алынган жооп менен бирге окуучулардын иш-аракети да көбүрөөк мааниге ээ.

Математикалык маселелерди чыгаруу көндүмдөрү интерактивдүү усулдарды колдонгондо жакшы калыптанат.

Айрым мугалимдерде окутуунун интерактивдүү усулдары гуманитардык багыттагы сабактарга гана тиешелүү деген түшүнүк бар экен.

**Глобалдык билим берүү** эл аралык долбоорунда математика, физика ж. б. сабактарда дагы интерактивдүү ыкмалар

пайдаланылып, сабактын иштелмелери түзүлгөн. Бардык эле мугалимдер сабак өтүүдө бул ыкмаларды пайдалана албашы мүмкүн. Бирок, мугалим катары алар жөнүндө кеңири маалыматка ээ болушу керек.

Тил практикасы үчүн көбүрөөк өз ара катышууга жана тартынчаактыкты жеңүүгө шарт түзгөн усулдар колдонулат. Мында окуучулар эки-экиден болуп иштөөсү керек. Анткени, 30 окуучудан турган класста бир эле учурда 15 маектешүү жүрөт. Ал эми татаал концепцияларды чакан топтордо талдаган оң. Бирок, кээде бир эле окуучу дагы башкалар менен талкуулабастан туруп эле теманы терең түшүнүп алат.

Ошентип, түрдүү методдорду колдонуп, биргелешип иштөө учурунда эмне болоорун байкап жүрсөңүз, анда сиз сабактагы максаттарга жетишүү үчүн зарыл болгон ылайыктуу усулдарды туура тандаганды бат эле үйрөнүп аласыз. Чындыгында 45 мүнөттүк сабактын жүрүшүндө ар кандай усулдардын төрт-бешөөнү пайдаланса болот.

Мугалим бардык эле тапшырмалардын жообу бирдей болбой тургандыгын түшүнүүсү керек.

Анткени, окуучулар бардык эле суроолор боюнча бир пикирге келе беришпейт. Ошондон кийин мугалим тапшырманын өзгөчөлүгүнө жараша, окуучулардан алардын чыгарган жыйынтыгы, өздөрүнүн турмушунда кандайча колдонсо болоор экендигин ойлонгула деп өтүнөт. Ошондой эле ар бир чакан группа менен рефлексия жүргүзсө болот.

Салттуу усулдар менен сабак өтүүдө мугалимдин статусу ал билим берүүчү болгондуктан жогору турат. Ал эми интерактивдүү сабакта кадыр-баркты жогорулатуу керек. Демек, ийгилигиңиз класстагы иш-аракеттерди жөнгө сала билгениңизге жараша болот. Ал үчүн мугалимдин аз сүйлөшү, башкача айтканда, түшүндүрүү, баяндап айтып берүүнү азайтып, окуучулардын өздөрүн көбүрөөк сүйлөшүүгө, өз ойлорун тартынбай айтуусуна жетишүү керек. Бул алардын сизге болгон көз карандылыгын азайтат. Ансыз да биз, мугалимдер көп учурда байкабастан окуучуларды басынтып коёбуз. Мугалим суроолорго же коюлган ма-

селелерге, андан ары дагы ойлонууга түрткү берген жаңы суроолор менен жооп берсе окуучулардын билими артып, интеллектуалдык деңгээли бир кыйла жогорулайт. Бул мугалимдер үчүн өтө эле жоопкерчиликтүү милдет. Анткени, мугалим теманы гана терең билбестен окуучулардын көз караштарын, ой жүгүртүүлөрүн туя билип, байкап жүрүүгө тийиш. Интерактивдүү сабак учурунда классты жеңил башкаруу үчүн жүрүп жаткан талкууга кызыгып, аралашып кетпөө керек. Жогоруда айтылгандай фасилитатордук милдетиңизди гана так аткарсаңыз болот.

Интерактивдүү ыкманы жаңыдан колдонуп жатсаңыз, көзөмөлдү жакшы жүргүзүп, баш аламандыкка жол бербөө керек. Антпесеңиз, чакан топтордо иштегенде окуучулар сабакты оюнга айландырып алышы мүмкүн. Окуучулар башынан баштап ыкманы туура пайдаланып, тапшырманы так аткарганга көнүгүүсү зарыл. (С. Ө.) Айрым мугалимдер талаш-тартыштарды өзүбүз башкарып турушубуз керек деп жаңылыш ойлошот. Кээде кийлигишүүгө да туура келет. Бирок, мугалим катары сиз азыраак сүйлөөгө аракет кылганыңыз оң. Себеби, окуучулардын өз пикирин айтуу демилгесин басып коёсуз.

Кыргызстанда билим берүү жаатында иш алып барган эл аралык уюмдардын долбоорлорунун бири – «Глобалдык билим берүү» болуп саналат. Анда интерактивдүү ыкма менен иштеген жана аны уюштурган мугалимдин ролу төмөнкүдөй чагылдырылган:

## Глобалдуу билим берүүдө мугалимдин ишмердиги (ЮНИСЕФ)

ГББда, мугалим биринчи кезекте окуу процессин уюштуруучу, окуучулар үчүн кеңешчи-фасилитатор (насаатчы) болуп саналат. Глобалдык билим берүүдө мугалимдин эң маанилүү функциясы-окуучулардын өз алдынчалыгына жана демилгесине колдоо көргөзүү болуп эсептелет. Тактап айтканда, мугалим окуп-үйрөнүлүүчү предмет менен окуучунун ортосундагы ортомчулук милдетти аткарат.

Интерактив режиминде иштеген мугалимдин жүрүш-турушунда кең пейилдик, окуучуларды уга жана түшүнө билүү, алардын пикирлерди, идеяларды айтышын кубаттаган сапаттары басымдуу болушу керек.

**ГББнын мугалими** окуу процессин уюштурууда төмөнкүлөрдү билип алуусу керек:

• Теория менен практиканын айкалышын камсыз кылуу.

• Окуучулардын өз тажрыйбасына таянуусу.

• Окуу материалын жеңил кабыл алууну жана өздөштүрүүнү камсыз кылуучу ыкмаларды колдонуу.

• Окуучулардын инсандык өнүгүшүнүн жана мугалимдин да кесиптик деңгээлинин жогорулашы.

• Мугалим менен окуучулардын жана окуучулардын өз ара бири-бирин түшүнүүсү.

Негизинен биз доска тарапта көбүрөөк туруп, окуучуларга тапшырманы түшүндүрөбүз. Мындай учурда окуучулар муну «бери карап мени уккула» деген буйрук катары кабыл алуулары мүмкүн. Ошондуктан тапшырма берилгенден кийин мугалим группадан группага өтүп, алардын ишине көз салып, алар туш болгон проблеманы чечүүгө жол көргөзүп турат. Эгер бүт класстын көңүлүн өзүңүзгө бургуңуз келсе кайрадан окуучулардын алдына же доска тарапка өтүү керек.

Мугалим менен окуучулардын биргелешкен иш-аракетинин натыйжасы класстагы парталарды жайгаштыруунун варианттары тууралуу маалымат берип коюу керек. Себеби, сабакта ишти уюштурууга көп убакыт кетип калышы мүмкүн.

Мисалы:

• Ар бир топ иштеп жатканда бири-бирине тоскоол болбошу керек.

• Ал үчүн парталарды жайгаштырганда аралыкты сактап, топтогулардын иштөөсүнө ыңгайлуу жагдай түзүү сунуш кылынат.

• Партаны төмөндө көрсөтүлгөндөй жайгаштыруу жана окуучуларды үч тарабына олтургузуп, доска тарабын ачык калтыруу.

• Чакан топторго бөлүнүп иштегенде классты үнөмдүү пайдалануу үчүн айрыкча ачык сабак өткөн учурда парталарды класстын ортосуна эмес, бир тарабына ыктай жайгаштыруу зарыл. Ал эми калган бөлүгүнө сабакка катышуучулар үчүн парталар узунунан жайгаштырылып кенен отуруусуна шарт түзүлөт. Ошентип, **чакан топтордо иштөөдө,** парталарды туура жайгаштыруу аркылуу классты үнөмдүү пайдаланууга болот

Чакан топтордо иштөөдө парталарды жайгаштыруу



Парталарды үч топко ылайыктап жайгаштыруу



Эгерде окуучуларды беш топко бөлсөңүз, бешинчи топ үчүн парталарды төрт топтун ортосуна жайгаштырыңыз. Ошондой эле иш-аракеттин натыйжалуу болушу үчүн талкуу жүргүзүүнүн эрежелери, белгилүү адамдардын асыл ойлору, учкул сөздөр, макал-лакаптар менен классты жасалгаласа болот.

## Компетенттүүлүк түшүнүгү

«Окуучулар сабактын жүрүшүндө билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болушат» – деп сабактын максаттарын койгондо жазып жүрөбүз. Азыркы мезгилде окуучулар ошол ББКга негизделген компетенттүүлүктөргө дагы ээ болушу керек. Билим берүүдө жеке эле билимге эмес компетенттүүлүктү дагы калыптандырууга басым жасалат.

**Компетенция, компетенциялар** – кандайдыр бир тармакта эмгектин натыйжалуу болуусу үчүн мааниге ээ болгон ишмердүүлүк. Мында окууну баалап билүүгө, маселелерди чыгармачылык менен чечүүгө коомчулук менен бирге аракеттенишет. Өзүн жана дүйнөнү өзгөртүүгө мүмкүндүк берүүчү билимин, билгичтигин, жүрүш-туруш көндүмдөрүн, жөндөмдүүлүгүн жана жеке инсандык кесиптик жогорку сапатын көрсөтүүгө тийиш.

**Компетенция термини** латындын «competete, ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү» деген сөзүнөн алынып, эки мааниге ээ:

1. Адамдын же кайсы бир мекеменин ыйгарым укуктары;
2. Таанып-билүүгө, тажрыйбага ээ болгон адамдардын суроолору.

Билим берүү чөйрөсүндө бул терминдин экинчи мааниси маанилүү орунду ээлейт. Анткени тажрыйбага ээ болуу, баш аламандык учурунда аракеттене билүү жөндөмдүүлүгү сыяктуу сапаттар, мугалимдин сабагында ишке аша турган окуучулардагы компетенттик мамиленин калыптанышына мүмкүндүк берет.

Компетенция жана компетенттүүлүк түшүнүктөрү жөнүндө ар түрдүү аныктамалар бар. Мисалы:

**Компетенция** адам ээ болгон ишмердүүлүктүн жыйындысы, ал эми компетенттүүлүк аны колдоно билүү жөндөмдүүлүгүнүн жыйындысы.

**Компетенция** билим, билгичтик, көндүм, инсандык, сапат жана практикалык ишмердүүлүктүн тажрыйбаларын өздөштүрүүнүн комплекси.

**Компетенция** – тапшырмаларды аткарууну, ар кандай тоскоолдуктардан өтүүнү жана максаттарга жетүүнү камсыз кылуучу, алгылыктуу иш-аракеттердин конкреттүү стратегиясы болуп эсептелет ж.б.

**Компетенттүүлүк** түшүнүгү 60–70-жылдарда батышта пайда болуп, 1980-жылдардын аягында ата мекендик адабияттарда колдонула баштаган.

**Компетенттүүлүк** – эффективдүү өздөштүрүлгөн стратегиянын эсебинен чыгармачылыкты ийгиликтүү камсыз кылган интерактивдүү адам ресурсу.

**Компетенттүүлүк** – бул өз оюн, бир нерсеге баа берүүсүн, ой толгоосун кесиптик сабаттуулук менен айтып берүүгө мүмкүнчүлүк берген билим, билгичтиктерге көндүмдөргө жана турмуштук тажрыйбаларга ээ болуу болуп эсептелет.

Компетенттүүлүк кесиптик чөйрөдөгү ар кандай кырдаалдарда көрсөтүлгөн комплексти колдоно билүү жөндөмдүүлүгү.

Ошентип компетенттүүлүк компетенциялардан турат, компетенция менен камсыздалат жана компетенцияларда кездешет.

Компетенттүүлүк талкууланып жаткан теманын алкагында билим берүүнүн деңгээлин белгилейт. Окуучунун билим деңгээли азыркы жаңы шартта билимдин көлөмү менен аныкталбайт.

**Компетенттүүлүк мамилеси** (компетентностный подход) жагынан алганда билим деңгээли, алган билимдин негизинде ар түрдүү татаалдыктагы маселелерди чече билүү жөндөмдүүлүгү боюнча аныкталат. Компетенттүүлүк мамилеси билимдин маанилүүлүгүн танбайт, бирок ал алган билимди пайдалана алуу жөндөмдүүлүгүнө бекем көңүл бурат.

Компетенттүүлүк мамиле жагынан алганда билим берүү чыгармачылыгынын жыйынтыгы болуп, негизги компетенттүүлүктүн калыптанышы болуп эсептелет.

Негизги компетенттүүлүк деп (ключевые компетентность) окуучулардын өздөрү үчүн актуалдуу деп эсептелген маселелерди өз алдынча чечүү жөндөмдүүлүгү аталат.

Эми компетенция жана компетенттүүлүк жөнүндө кенен түшүнүк алгандан кийин мугалимдин компетенциясына да токтолуп кетели.

**Мугалимдин компетенциясы**

Мугалимдин компетенциясы түшүнүгүнүн да бир нече аныктамасы бар:

- Мугалимдердин билим берүү жана билгичтиктерди эффективдүү колдонуусу;
- Мугалимдин ар түрдүү чөйрөлөрдө билим жана тажрыйбаларын колдонуусу;
- Мугалимде берилген тапшырманы аткарууну камсыз кылуучу сапаттардын арбын болушу;
- Пландаштыруу компетенциясы – мугалим окутууну окуучулардын керектөөлөрүнө жараша пландаштырат;
- Окутуунун усулдарын жана ыкмаларын колдонуу компетенциясы ж.б.

Педагогикада жыйынтыкка багытталган билим берүүнү аныктоочу түшүнүк бул **компетенттик билим берүү** болуп эсептелет.

Компетенттик билим берүүгө өтүү – билим берүү ишмердүүлүгүн мазмунун жана формасын өзгөртүүнү талап кылат.

Компетенттүү билим берүү мугалимден балдарда эмнени өнүктүрүш керек деген маселени түшүнүүнү талап кылат. Ошондой эле мугалимден балдарга кантип өзүн кантип актуалдуу аракеттерге көндүрүшүнө көмөк көрсөтө турганын ойлонуусун дагы талап кылат. Өз алдынча актуалдашкан адам – бул коопсуздугуна, социалдык таандыгында, ар намыстуулукта, сүйүүдө, сыйлоодо жана баалоодо канааттанган адам.

Мындан тышкары, өз алдынча актуалдашкан адамдардын алар ишенген, ага кызмат кылган иши бар. «Өз алдынча актуалдашуучу» адамдар коомдо обьективдүү мамиле жасоого, анын алсыз жана күчтүү жактарын көрүүгө мүмкүнчүлүктөрүн баалоого, ар кандай кыйынчылыктардан өтүүгө жөндөмдүү болушат.

**Окуучуларда төмөнкү компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүү зарыл:**

• Коомдук ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк-бул окуучулардын окуган сабагынан жарандын, шайлоочунун, жамааттын мүчөсүнүн ролун аткара билүү көндүмүнө ээ болушу.

**Окуу-билим алуу компетенциясы**

• Өзүнүн интеллектуалдык мүмкүнчүлүгүн өтө жогорку деңгээлде өнүктүрүү;

• Өмүр бою окууга жөндөмдүүлүк;

• Сынчыл ойлом (аналитикалык, синтездөө) көндүмдөрү;

**Социалдык компетенция**

• Өзүнүн иштерин пландаштыра алуу;

• Өзүн ишке даярдап алуу;

**Маалымат компетенциясы**

• Маалыматты баалоо жөндөмдүүлүгү;

• Маалымат технологияларын өздөштүрүү;

**Коммуникативдик компетенция**

• Топто иштей билүү;

• Өзүн жана башкаларды түшүнүүгө аракет жасоо;

• Орду менен сүйлөө;

• Туура, так жооп берүү.

## Сабактын тибин оптималдуу тандап алуу

Сабак анын мазмунунун, максатынын, методдорунун өзгөчөлүктөрүнө жараша уюштурулуп өткөрүлөт. Бирок, сабакты даярдоодо жана өткөрүүдө уюштуруу маселеси башкы ролду ойнойт. Мында мугалимдин башкы милдети, берилген убакыттын ар бир мүнөтүн бардык окуучулар үчүн билим берүү максатында пайдалануу болуп эсептелет.

Сабак өтүүдөгү көп сандаган кайталануучулуктун белгилүү мыйзам ченемдүүлүктөрү, сабактын тибин жана структурасын аныктайт.

Ал эми биз сабактарды негизги **дидактикалык милдеттери боюнча классификациялайбыз.** Окутуунун дидактикалык **биринчи милдети** бул жаңы материалды биринчи жолу

окуп-үйрөнүү (материалды жаңы окуп-үйрөнүү) болуп эсептелет.

Окутуунун дидактикалык **экинчи милдети** окуу материалын экинчи жолу кайталап, билимдерди бышыктоо (билимдерди бышыктоо).

Окутуунун дидактикалык **үчүнчү милдети** окуу материалын канчалык түшүнүп кабыл алышкандыгын тактап, баалоо (билимдерин текшерүү).

Сабакта ушул милдеттердин кайсынысы аткарылууга тийиш экендигине жана кандай максаттарды көздөй тургандыгына жараша анын төмөнкүдөй типтери болушу мүмкүн.

**Сабактын типтери деп** кандайдыр бир белгилери боюнча жалпылыгы бар бир нече сабактардын тобун айтабыз.

Төмөндө сабактын типтери жана анда аткарылуучу иштер, ошондой эле типтерге дал келген сабактын формалары берилди.

## Сабактын типтери

| | Сабактын типтери | Сабактын формалары |
|---|---|---|
| I | Жаңы материалдарды окуп-үйрөнүү сабагы.<br>1. Үй тапшырмасын текшерүү, таяныч билимдерди кайталап, калыбына келтирүү.<br>2. Сабактын темасын, максатын, милдеттерин айтуу, окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн мотивациялоо.<br>3. Жаңы материалды кабылдоо, аны ойлонуп баалоо<br>4. Билимдерди жалпылоо, системалаштыруу, бышыктоо.<br>5. Сабакты жыйынтыктоо жана үйгө тапшырма | а) лекция сабагы;<br>б) аңгеме сабагы;<br>в) кино сабагы;<br>г) теориялык жана практикалык өз алдынча иштөө сабагы<br>д) аралаш сабак (бул сабакта ар түрдүү сабактардын түрлөрүн айкалыштыруу) |

| | | |
|---|---|---|
| II | Үйрөнгөн билимдерди андан ары өркүндөтүү сабагы<br>1. Үй тапшырмасын текшерүү.<br>2. Сабактын темасын, максатын, милдеттерин айтуу.<br>3. Үйрөнгөндөрдү жана көндүмдөрдү калыптандыруу, алган билимин максаттуу багыттоо сабактары .<br>4. Окуучулар сабакта аткарган тапшырманы текшерүү.<br>5. Сабакты жыйынтыктоо жана үйгө тапшырма. | а) өз алдынча иштөө сабагы<br>б) оозеки же жазуу жүзүндөгү көнүгүүлөр, лабораториялык иш сабагы<br>в) практикалык иш сабагы<br>г) экскурсия сабагы<br>д) семинар сабагы |
| III | Жалпылоо жана системалаштыруу сабагы<br>1. Сабактын темасын, максатын айтуу. Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн мотивациялоо.<br>2. Таяныч билимдерди калыбына келтирүү.<br>3. Негизги фактыларды анализдөө, кайталоо.<br>4. Түшүнүктөрдү кайталоо, жалпылоо жана системалаштыруу, алдыңкы идеяларды, материалдарды өздөштүрүү.<br>5. Жыйынтыктоо, үйгө тапшырма. | Буга бардык беш типтеги сабактардын негизги түрлөрү кирет. |
| IV | Аралаш (комбинированный) сабак<br>1. Үй тапшырмасын текшерүү .<br>2. Сабактын темасын, максатын айтуу, окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн мотивациялоо. Жаңы материалды кабыл алуу.<br>3. Билимдерди кабылдоо жана системалаштыруу.<br>4. Билимдерди жалпылоо жана системалаштыруу.<br>5. Билимдерди бышыктоо жана аларды биринчи колдонуу.<br>6. Сабакты жыйынтыктоо жана үйгө тапшырма. | |

| | | |
|---|---|---|
| V | Текшерүү сабагы (билимдери менен билгичтиктерин баалоо жана эсептөө)<br>1. Сабактын темасы, максатын айтуу.<br>2. Ар кандай ыкмалар аркылуу билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн текшерүү.<br>3. Аткарылган тапшырманы текшерүү, анализдөө жана баалоо.<br>4. Жыйынтыктоо, үйгө тапшырма. | а) оозеки суроо/фронталдык (жалпы) жекече (индивидуалдык), тайпалык (группалык)<br>б) жазуу жүзүндөгү суроо (жекече, индивидуалдык)<br>в) зачет<br>г) практикалык (лабораториялык)<br>д) контролдук өз алдынча иш<br>е) аралаш сабак (жогорку үч түрдү айкалыштыруу). |

## Мугалимге сабактын максаттарын түзүү боюнча кеңештер

Эмки сөз сабактын планы жөнүндө болсун. Кызматташып жүргөн эл аралык долбоорлордун ичинен экөөнө кайрылалы. Алар – регионалдык изилдөө институту (АКШ) жана Глобалдык билим берүү (ЮНИСЕФ). Булардын ар биринде сабактын планын түзүүнүн өзгөчөлүктөрү бар.

Алардын негизгилеринен болгон экөөнө токтолуп кетели:

Сабактын максаттарын алсак:

1. Регионалдык изилдөө институту долбоорундагы сабактын иштелмелери сабактын билим берүүчүлүк, тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк максаттары менен башталып, сабактын тиби жана формасы толук чагылдырылган.

2. Глобалдык Билим Берүү долбоорундагы сабактын максатын алсак, анда сабактын темасы эмес сабактын фрагментинин темасы жана бир гана фрагменттин максаты берилген. Анткени ар бир темада окуучулар үчүн талкуулаганга, дискуссияга, дебат өткөргөнгө, изилдеп иликтегенге, салыштырганга ылайыктуу фрагменттери бар. Ал фрагменттин маанисине жана мазмунуна жараша өзүнчө тема коюлуп, максаты аныкталат. Мында фрагменттин максаты жогоруда көрсөтүлгөндөй толук эмес жана бир эле максаттан туруп, кандай билимге, көндүмгө, мамилеге ээ болору көрсөтүлгөн. Демек, сабактын планы фрагмент түрүндө

түзүлгөндүктөн берилген убакыт дагы 15–35 мүнөткө эсептелинет. Калган убактыларын өткөн темаларды кайталоого, сабакты бышыктоого ж.б. пайдалануу сунуш кылынат.

Ошондой эле педагог-окумуштуу профессор Исак Бекбоевдин «Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери» деген китебинде сабактын билим берүүчү максаты ар бир сабакка жазылса, тарбиялоочулук жана өнүктүрүүчүлүк максаттарын бүтүндөй бир бөлүмгө арнап жазса болоору белгиленген.

**Смарт-критерийлери**

Сабактын үч максаттарын коюуда СМАРТ критерийлерин пайдалануу сунушталат.

**SMART** – критерийлери төмөнкүдөй чечмеленет:

- анык такталган (Конкреттүү Specific)
- ченелүүчү, өлчөнүүчү (Measurable)
- окуучунун мүмкүнчүлүгүнө ылайык (Achivable)
- жыйынтыкка багытталган (Result-oriented)
- мөөнөтү так аныкталган (Timed)

**1. Конкреттүү максаттар (S)**

• Максат кыска жана так жазылышы керек. Антпесе, аягында пландаштырылгандан башка жыйынтыкка жетишиңиз мүмкүн.

**2. Ченелүүчү, өлчөнүүчү максаттар (M)**

• Сабактын коюлган максатына карай окуучулардын канча кадам жылганы түшүнүктүү болушу керек.

**3. Окуучунун мүмкүнчүлүгүнө ылайык болгон максаттар (A)**

• Сабактын максаттарын коюуда аткарыла турган максаттарды коюу керек.

• Максаттар кандайдыр бир милдеттерди аткаруу үчүн стимул катары колдонулат.

**4. Жыйынтыкка багытталган (R)**

• Максаттар жасалган жумуштан эмес, жыйынтыктан көрүнүшү керек, ошондо натыйжа болот. Жумушка бир саат эрте келем деген максатты өзүнө койсо болот бирок, күтүлүүчү жыйынтык аныкталбаса анда бул саатты кофе ичип же жөн гана сүйлөшүп өткөрүшү мүмкүн.

**5. Мөөнөтү так аныкталган (Т)**

• Ар бир максат белгилүү мезгилде аткарылышы керек.

«Глобалдык Билим Берүү» жана «Сапаттуу билим» долбоорлорунда (АКШ USAID) сабактын максатын коюунун дагы бир өзгөчөлүгү бар. Алсак, сабактын максатын коюуда эки учур эске алынат.

1. Сабактын максаты мугалимдин позициясы менен аныкталат.

2. Сабактын максаты окуучунун позициясы менен белгиленет.

Мугалимдин позициясы менен түзүлгөн сабактын максаттарында

• Көндүм билгичтик, мамиле, баалуулуктар төмөндөйт.

• Мугалим сабактын мазмунун кеңири өлчөмдө берүүгө аракеттенет.

• Сабактын максатын коюуда окутуу, түшүндүрүү, билим берүү, көрсөтүү, үйрөтүү, айтып берүү, өнүктүрүү, чыгаруу, тааныштыруу деген ж.б. сөздөр пайдаланылат. Мындай учурда сабакты максатына жеткирүү мугалимге жүктөлөт. Маселен, мугалим түшүндүрөт, көрсөтөт ж.б. мугалим бул учурда активдүү. Ал эми окуучулар угушат, жазышат, окушат ж. б. активдүү эмес.

Эми окуучунун позициясы менен түзүлгөн сабактын максаттарын карап көрөлү. Бул учурда сабактын максатын коюуда: окуучулар окушат, билим алышат, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болушат, түшүндүрүп бере алышат, сынчыл ойломун өнүктүрүшөт, кеңейтишет, эске тутумун машыктырышат, изилдөөгө катышат, негизгилерин ажыратышат, түшүнүгүн кеңейтишет, дал келтиришет колдоно билет, сүрөттөп берет, салыштырат, айырмалай алат, калыптандырат, үйрөнүшөт, өздөштүрүүсүн камсыз кылат, билимин өнүктүрөт, маалыматын жогорулатат деген ж. б. сөздөр пайдаланылса, анда сабактын максатына жетүү окуучуларга тиешелүү болот.

Алар мугалимдин жетекчилиги астында коюлган максатка жетишет.

Бул учурда окуучулардын көндүмдөрү, билгичтиктери мамиле баалуулуктары өнүгөт.

Окуучулардын керектөөлөрүн эске алууга өбөлгө түзүлөт.

Алардын окуп-үйрөнүү таанып-билүүдөгү жоопкерчилигин арттырат. Демек, сабактын максатын окуучунун позициясы менен жазуу пайдалуу.

Ал эми Орусиянын же башка эл аралык долбоорлордун мектеп мугалимдерине жардам катары жазылган сабактын иштелмелеринде сабактын тарбиялоочулук жана өнүктүрүүчүлүк максаты көрсөтүлгөн эмес. Эми ушул сабактын планынын максаттары жана ал максаттарды коюудагы колдонулуучу сөздөр жөнүндө кеп кылалык.

**Сабактын максаттары**

Баарыбызга белгилүү болгондой сабактын үч максаты бар. Алар:

1. Жалпы билим берүүчүлүк максаты
2. Тарбиялык максаты
3. Өнүктүрүүчүлүк максаты

**1. Сабактын жалпы билим берүүчүлүк максаты:**

Сабактын бул максаты окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн (зун) калыптандырат. Кандай билимдер жана билгичтиктер бышыкталып, кандайлары жалпылана тургандыгы такталат.

**Сабактын максаты** – бул сабак учурунда мугалим менен окуучунун биргелешкен ишинин негизинде окуучу ээ боло турган натыйжа.

Сабак окуучулар менен белгиленген убакыттын ичинде жана белгилүү график менен өткөрүлүүчү окутуунун негизги формасы.

**Билим (знание)** – окуунун негизинде түшүнүккө, билгичтикке көндүмгө жана ойлонуунун ыкмаларына ээ болуу

**Билим** – таанып-билүү иш аракетинин жыйынтыгы. Билимдин түрлөрүнө түшүнүктөр, маалыматтар, мыйзамдар, фактылар, идеялар, теориялар, кубулуштар кирет.

**Билгичтик (умение)** – инсандын алган билимдерин практикада колдонуу ыкмаларына ээ болушу.

**Билгичтик** – ишти ийгиликтүү аткарууга болгон жөндөмдүүлүк.

**Көндүм (навыки)** – бир ишти кайталап жасоонун негизинде аны ылдам аткара билүү.

**Көндүмдөргө:** тырышчаактык, көп окуу, үлгүлүүлүк, умтулуу, чыдамкайлык, сабырдуулук, эмгекчилдик, эрктүүлүк, ыймандуулук, жоопкерчилик, кесипкөйлүк ж.б. кирет.

**2. Тарбиялык максаттары:** Окутуунун тарбиялык максаты – бул окуучудагы инсандыкка тарбиялоочу сапаттарды калыптандыруу же окуучуларды инсандык сапаттарга тарбиялоо.

**Тарбия** – окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандырууга багытталган иш аракет.

Тарбиялоо: системалуу, үзгүлтүксүз жана багытталган тышкы таасирлердин жыйындысы (натыйжасы).

Сабактын тарбиялоочулук максаттарын аныктоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

1. Окуучулардын адептүүлүк жана эстетикалык сезимдерин (аларда урматтоо, жек көрүү, кайгы-кубанычты тең бөлүшө билүү сезимдерин) пайда кылуу;

2. Окуучуларда баалай билүүчүлүк мамилелерди (дүйнөгө көз карашын, адептүүлүк, эстетикалык мамилелерди) калыптандыруу, алардын окуяны реалдуу, турмуштук позицияны билүүгө үйрөнүүсүнө жетиштүү;

3. Дүйнөгө туура көз караште болуу, идеялардын, моралдык принциптерди, эстетикалык идеяларды өздөштүрүүсүнө жетишүү;

4. Окуучулардын эмгекке тарбияланышын жана кесипти туура тандап алуусун;

5. Окуучулардын активдүүлүгүн, өз оюн эркин айта билүүсүн, өз алдынча ойлонуусун, кыйынчылыктарды жеңе билүүсүн;

6. Окуучулардын окууга, таанып-билүүгө болгон кызыгууларын калыптануусуна таасир берүүсүн эске алуу керек.

3. Өнүктүрүүчүлүк максаттары:

Окуучулар билимин, таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн, акылын, эркин эмоциясын өнүктүрүшөт. Эмоцияга – кубануу, таң калуу, ойлонуу, кейүү, нааразы болуу, кубаттоо, колдоо, урушуу, кыйкыруу, мактоо, жагымдуу же жагымсыз көз караштар, кайгыруу кирет.

**Жалпы окуу максаттары:**

Талдоого алышат, маанилүүсүн бөлүп алышат, айтып, көрсөтүп, чечмелеп беришет, пайдаланышат, баа беришет, түшүнүшөт, кайра түзүшөт, колдонушат.

**Чыгармачыл максаттары:**

Тең салмакташат, түрүн өзгөртүшөт, кайра топтоштурушат, кайра түзүшөт, алдын-ала айтышат, маселени коюшат, кайрадан уюштурушат, системалаштырат, жөнөкөйлөтүшөт.

Сабактын үч максаттарын коюуда колдонулуучу сөздөрдүн тизмелери:

1. Сабактын жалпы билим берүүчүлүк максаттарын аныктоодо мугалим төмөнкү суроолорго жооп берүүгө тийиш:

**1. Кандай билимдерди** (түшүнүктөрдү, маалыматтарды, мыйзамдарды, теорияларды, фактыларды, идеяларды кубулуштарды)

а) жаңыдан өздөштүрүшөт;

б) жалпылаштырышат жана системалаштырышат;

в) бышыкташат, кеңейтишет жана тереңдетишет.

**2. Кандай билгичтиктер жана көндүмдөр.** Мисалы: негизгилерди ажырата билүү, аргументтеп өз оюн айта билүү, пландаштырып жооп бере билүү, китеп, текст, сөздүк менен иштөө ыкмасы, тез окуп жана үйрөнүү ыкмасы, өзүн-өзү көзөмөлдөө, уга билүү.

а) жаңыдан калыптанат

б) калыптанат

в) бышыкталат.

Адеп-ахлактык баалоо, кызматташтык, көйгөйлөрдү чече билүү, кырдаалдарды иликтөө. ж. б. Мисалы:

Талдоого алышат (бөлүп алышат) айтып беришет, көрсөтүп беришет, чечмелешет, пайдаланышат, баа беришет, түшүнүшөт, кайра түзүшөт, колдонушат, түзүшөт.

а) калыптандырылат; б) бышыкталат.

2. Тарбиялык максаттары: Инсанды белгилүү бир сапаттарга тарбиялайт.

Ынтымакка, биримдикке тарбияланышат. Мисалы:

– Мекенчилдикке тарбияланышат;
– Чыдамкай, патриот болуп өсүшөт;
– Чечкиндүүлүккө үйрөнүшөт;
– Интернационалдуулукка тарбияланышат;
– Гумандуулукка тарбияланышат;
– Эмгекке көнүгүшөт;
– Билим алууга аракеттенишет;
– Акыл эстүүлүккө;
– Адептүүлүккө тарбияланышат;
– Эстетикалык табитин өнүктүрүшөт;
– Активдүүлүккө тарбияланышат;
– Өз алдынча чечим кабыл алууга;
– Жаман-жакшыны ажырата билүүгө тарбияланышат;
– Өз оюн эркин айтууга тарбияланышат;
– Чакан топто иштей билүүгө көнүгүшөт;
– Жоопкерчиликте болууга үйрөнүшөт;
– Боорукерликке, кең пейилдикке тарбияланышат;
– Туруктуу, чыдамкай болууга машыгышат;
– Адилеттүүлүккө тарбияланышат;
– Эр жүрөктүүлүккө тарбияланышат;
– Спортту сүйүүгө, эрктүүлүккө машыгышат;
– Маданияттуулугун калыптандырышат;
– Укугун коргой билүүгө үйрөнүшөт;
– Экологиялык тарбия алышат;

**3. Өнүктүрүүчүлүк максаттары:**

Мисалы: Текст менен иштөө, маалымат жыйноо, көрө билүү, сезе билүү жөндөмдөрүн, маданияттуулугун өнүктүрүшөт.

– Сезимталдыгын, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүшөт (анализдөө, синтездөө, анализдеп, синтездөөчү) салыштыруу, жалпылоо көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

– Таанып-билүүчүлүк жөндөмүн өнүктүрүшөт.

– Эрктүүлүк жана инсандык сапаттарын, өз алдынчалуулугун өнүктүрүшөт.

– Күч эмгегин өнүктүрө билишет.

– Жалпы саясий түшүнүктөрүн өнүктүрүшөт.

– Сүйлөө маданиятын өнүктүрүшөт, аргументтеп, далилдеп берүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт. Ажырата билүү, баалай билүү ж.б. сапаттарын өнүктүрүшөт.

## Окуу процессин баалоо (Регионалдык изилдөө институту АКШ)

### Педагогикалык баа берүү

Педагогикалык баа берүү – бул баланын дүйнөгө болгон социалдык мамилесин, азыркы маданият ченемдерине ылыйык калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн инсандык сапаттарына баа берүү.

Окуучулардын ишмердигин жана сабакка болгон жетишүүсүн баалоодон мурда, биз төмөндөгү суроолорго жооп беришибиз керек.

1. Биз окуучуларга эмне үчүн баа коёбуз? Окуучулар өтүлгөн темалар боюнча жетишүүсү кандай экендигин билиши, чейректик же жылдык бааны чыгаруу, ошондой эле окуучуларды жакшы окууга кызыктыруу жана окутуу методикабыздын канчалык натыйжалуу экендигин түшүнүү, окуучулардын күчтүү жана начар жактарын аныктоо жана аларга жардам берүү үчүн да коюшубуз мүмкүн.

2. Биз эмнеге баа беребиз? Мугалим катары биз окуучулардын иштерин же окутуунун натыйжалуулугун текшерген учурда дайыма окуучуларга канчалык деңгээлде билим берүүгө жетишкенибизди жана окуучулар ошол билимди канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгын аныктоого аракеттенебиз.

***Муну эске тутуу керек:***

**Баа** – бул окуучунун эмнеге жетишкендиги гана эмес, о. э. бул жыйынтыкка кантип жетишкендигин да билдирип турат.

Алган билими иш жүзүндө текшерилет (бизге ой жүгүртө алгандар менен катар аракет кылгандар да керек);

Окуучулардын иш-аракети мугалим тарабынан көңүлгө алынып, бааланып турат.

Окутуу процессинде окуучуларга өз мезгилинде колдоо көрсөтүлөт (жолдомо берүү).

**Баалоо** – окутуу процессинин составдуу бөлүгү болушу керек. Мугалим баалоонун максатын көрө билүүсү зарыл.

Жыйынтыкка жетишүүнүн планы эмес, жыйынтыктын өзү бааланышы керек, (эмнеге жеткибиз келгени эмес, эмнеге жетишкендиктерибизди баалообуз керек); сабактан окутулбаган нерселер бааланбайт.

**Баалоонун мааниси** – окуучуну баа менен жазалоо эмес, анын аракетинин жыйынтыктарын жакшыртуу болуп саналат;

Окуучуга кандай жол менен жардам берүүнү билбесеңер баалабагыла.

Баа дайыма эле чыныгы билим сапаттарынын көрсөткүчү боло албайт.

**Баалоодогу ачыктык** – Баалоонун критерийлери окуучуларга алдын-ала белгилүү болушу керек жана аларды иштеп чыгууга өздөрү катышса да болот.

**Дааналык** – Баалоонун формалары, анын максаты жөнөкөй, бардыгына түшүнүктүү, жеткиликтүү жана колдонууга ыңгайлуу болушу керек.

**Системалуулук** – Ар бир адамга бала кезинен баштап, баалоо ишмердүүлүгү калыптанып, ар бир нерсе жөнүндө жекече көз карашка ээ болушу керек. Бул принциптерди пайдалануу менен окуучулардын окуу жана таануу ишмердүүлүгүнүн калыптанышына шарт түзүлөт.

*Баалоонун функциялары жана эрежелери:*

1. Маалымат берүүчү
2. Багыт берүүчү
3. Стимул берүүчү
4. Көзөмөлдөөчү функциялары

**Баалоонун маалымат берүүчү функциясы**

Окуучунун өз ишинин сапаты жана өзүнө карата педагогдун мамилеси жөнүндө маалымат алышына мүмкүндүк берет.

*Багыт берүүчү функциясы.* Кемчиликтерди жоюу жолдорун аныктоого мүмкүндүк берет. Мисалы: алган билимди жаңы кырдаалда колдонууга, китеп менен иштөөгө үйрөнүү, түгөйлөрү менен жана группаларда иштөөнү үйрөнүү.

*Стимул берүүчү функциясы.* Баа адилеттүү коюлуп, мугалим баланын билимине гана эмес, анын кандайча билим алгандыгына да баа коюлганда ишке ашат.

Бирок «4» жана «5» жеңилдетилген тапшырмалар жана суроолору үчүн эле коюла берсе, анда жакшы баа окуучуларга стимул бербей калат.

*Көзөмөлдөөчү функциясы.* Аткарылган иштин көлөмүн жана сапатынын деңгээлин текшерүүгө мүмкүндүк берет.

Азыркы учурда Кыргызстанда ишке ашырылып жаткан «Глобалдуу билим берүү» (ГББ) долбоорунда көргөзүлгөн баалоонун функциялары:

Калыптандыруучу

Суммалоочу

Диагностоочу

Анализдөөчү

Баалоонун эрежелери

Баалоо – бул ийгиликтүү окуу ишмердүүлүгүнө жакшы шарттарды түзүшү керек. Ал мектеп окуучусунун инсандык сапаттарынын, көз караштарынын, ой-жүгүртүүсүнүн, өнүгүүсүнө шарт түзөт. Окуучулардын ишин баалоодо, алардын эмгекчилдигине, аракетчилдигине, жетишкен ийгиликтерине, жеке позициясына өзгөчө маани берилет.

1. Жакшы баалоодон жана баа коюудан сараңданбагыла. (Бирок, бул бааны көтөрмөлөп койгула дегендикке жатпайт).

2. Ар дайым окуучунун ийгиликтерин баса көрсөткүлө жана мактоодон тажабагыла.

3. Эки коёрдон мурда, анын себептерин тапканга жана аны жойгонго аракет жасагыла.

4. Окуучуну эмес, анын ишин сындагыла.

5. Окуучуга оңолгонго мүмкүнчүлүк бергиле.

6. Окуучуга «Сен, дагы туура эмес жасадыңбы» деп айтуунун өзү колунан эч нерсе келбеген окуучуларды өстүрүп чыгарууга шарт түзөт.

7. Окуучунун жакшы окуп кетишин пландаштыргыла жана уюштургула. Баалоо – бул окуучунун алган баасы, сиздин эмгегиңиздин баасы.

## Баалоонун окуучуларга психологиялык жактан таасир этүүсү

Окуучулардын иш-аракетин оң жагына баалоо, аларды кубаттоо өтө маанилүү. Себеби, ар бир адам коллективде өзүн барктоого умтулат.

Өз көз карашын коргоого даярдыгы, өз алдынчалыгы, ишке чыгармачылык мамилеси, тырышчаактыгы жана көптү билүүгө умтулуусу, өз ишин өзү туура баалоо жөндөмдүүлүгү өнүгөт жана калыптанат. Ошондуктан, бардык кубаттоолор окуучу үчүн кадыр-баркын бекемделишине жана активдешине кызмат кылат. Оң жагына баалоо окуучуларга сыймык, кубаныч алып келет. Окуучуларды жазалоо, терс жагына баалоо, ал толук далилденсе гана анын оң таасири тийиши мүмкүн.

Терс жагына баалоо, көпчүлүк учурда окуучуларды капалантат, көрө албастыкка, коркунучка алып келет. Окуучулар өзүн начар сезип, активдүүлүгү төмөндөйт, ишенбөөчүлүк пайда болуп, адилеттүүлүккө болгон ишеним жоголот.

Дал ошол ишенимдин жоктугу, биздин коомго тааныш пессимизмге, кайдыгерликке жана көңүл чөккөндүккө алып келет.

## Баалоонун формалары

Баалоонун ар түрдүү формалары бар. Мугалим буларды шарт, жагдайга жана тапшырмалардын өзгөчөлүгүнө жараша тандай алат.

Алар төмөнкүлөр:

- Анкета алуу
- Сурамжылоо
- Тест
- Эссе
- Ишмердик картасы
- Баалоо баракчасы

Анкета алуу – социалдык же окуп-үйрөнүү багытындагы иликтөөдө колдонулуучу сурамжылоо. Анын жардамы менен окуучунун билимин, мамилесин көз карашын жана каалоосун билүүгө болот.

Тест сыяктуу эле анкета дагы ачык жана жабык суроолорду камтыйт. Кээ бир окуучуларда ал жашыруун болушу да мүмкүн.

*Сурамжылоо* – жеке окуучунун оозеки жана жазуу түрүндөгү пикиринин негизинде маалымат чогултуусу.

Сурамжылоонун түрлөрү:

1. Анкета алуу
2. Аңгемелешүү
3. Интервью алуу

*Тест* – бул өзүнө ачык жана жабык суроолорду камтыйт. Окуучулардын конкреттүү фактыларды, терминди же окуялардын ортосундагы байланыштарды түшүнүүсүн баалоого мүмкүндүк берүүчү тапшырмаларды камтыган суроолор болуп эсептелет.

«Тест» термини англис тилинен которгондо текшерүү, сыноо дегенди билдирет.

## Тесттин түрлөрү
(Тесттердин эки түрү бар)

| 1 | 2 |
|---|---|
| 1. Стандарттык тест<br>2. Логикалык тест<br>3. Суроолук тест<br>4. Даталык тест<br>5. Кичи (мини) тест<br>6. Контролдук тест<br>7. Психологиялык тест | 1. Бир нече жооптору бар тест<br>2. Альтернативалуу тесттер, туура + туура эмес –<br>3. Дал келтирүү<br>4. Ашыкчаны алып салуу, катарды толуктоо<br>5. Тарыхый информацияларды тактоо тести<br>6. Хронологиялык жактан ордуна келтирүү<br>7. Логикалык жактан маанилүүлүгүн аныктоо<br>8. Чектелген жообу бар тести<br>9. Эркин жооп берүүчү тест<br>10. Дата жана окуяларды дал келтирүүчү тест<br>11. Хроно-окуяларга дал келтирүүчү тест |

**Эссе** (чакан дил баян) – жаздыруу жолу менен балдардын билимин жана теманы кандай түшүнгөндүгүн текшерсе болот. Мындагы бир кыйынчылык эссеге баа коюу үчүн көп убакыт талап кылынат. Эсселерге баа коюуда критерийлер системасын ырааттуулук менен колдонсоңуз, сиз койгон баалардын бир кыйла туура болушуна жетишесиз жана ал критерийлердин негизинде окуучуларга мунун жетишээрлик түшүндүрө аласыз.

*Эссени баалоонун критерийлери:*

Эсселердин берилген тема менен байланышы

1. Идеянын оригиналдуулугу жана логикалуулугу.
2. Ынандыра билиши.
3. Туура келтирилген далилдер.
4. Терең мазмундуулугу.
5. Грамматикалык жана орфографиялык жактан тууралыгы.
6. Жазган эссени окуп (айтып) бериши. Презентация.

7. Окуучулардын эссе жазуудагы чыгармачылыгы өнүктүрүү үчүн кайсы бир тема боюнча конкурстарды уюштуруп туруу сунуш кылынат. Эгерде эссе окуучу материалды кандай өздөштүргөндүгүн баалоо үчүн гана жазылса, сиз анын каталарын ондобой эле койсоңуз болот. Ал эми иштин сапатын жакшыраак болсун десеңиз, анда тексттеги көрсөтүлгөн каталарды өздөрүнө ондотсоңуз болот.

**Ишмердүүлүктүн картасы (кластер түзүү)**

**Регионалдык изидөө институту (АКШ).** Бул топтордо иштеген окуучулардын ишти баштаарда ишмердүүлүктүн жалпы стратегиясын түзүп, карта чийүүсү же болбосо, иштин аягында ар бир окуучунун катышуу деңгээлин аныктоочу же жыйынтыктоочу кластер (схема) түзүүсү.

Мисалы, топтун ишине менин кошкон салымым. Мында аткарган иштерин белги (V) коюу аркылуу көсөтүшөт. Мындай ишмердүүлүк окуучулардын өзүн-өзү туура баалоосун калыптандырууга жардам берет. Окуучу өз жумушунун көлөмүн көрүп, баалоого мүмкүнчүлүк алат.

Ошондой эле топтун ар бир мүчөсүнүн ишин баалоого шарт түзүлөт. Башка учурда презентация кылган окуучулар эле баа алып калуусу мүмкүн.

Бул кластер менен таблицаны окуучуларга көбүрөөк даярдатып алып пайдаланса болот. Мында, ар бир окуучу аты жөнүн көргөзүп аткарган иштерин белгилеп берет. Аларды мугалим эксперт окуучулардын жардамы менен текшерип, баа койсо болот.



## Топтун иштөөсүн баалоо таблицасы

Топтордогу ишмердүүлүктүн картасы жана топтун иштөөсүн баалоо таблицасы топтун ичиндеги ар бир окуучунун ролун аныктоого жардам берет.

| Аты-жөнү | | | |
|---|---|---|---|
| | Дайыма | Кээде | Эч качан |
| План түзүүгө катыштым | V | | |
| Башкаларга жардам бердим | | V | |
| Чечим кабыл алууга катыштым | | | V |
| Маалымат чогулттум | | | |
| Талкууга катыштым | | | |
| Сын пикир айттым | | | |
| Ишти жыйынтыктоого катыштым | | | |
| Презентацияладым | | | |

Эгерде мугалим бул формаларды дайыма пайдаланса, ар бир окуучунун күчтүү жана начар жагын анын жалпы мүмкүнчүлүктөрүн баалоого мүмкүндүк алат.

**Баалоо баракчалары** – бул окутуу процессинин ар кайсы жактарын: билимин жана ишмердикке катышуу деңгээлин, көндүмдөрдүн калыптанышын, ишмердиктин маани-маңызын жана башкаларды баалоого мүмкүндүк берет. Баалоо баракчасындагы (же карточкалардагы) суроолор өтүлгөн темалардан жана аларга байланыштуу проблемалардан түзүлүшү керек.

## Баалоонун болжолдуу критерийлери

Критерийлер баа коюунун нормаларын аныктоонун негизи болуп эсептелет.

Ошондуктан, баалардын критерийлерин так иштеп чыгуу өтө маанилүү. Ошондо баалоо күтүлүүчү жыйынтыкты берет жана окуучулардын билим деңгээлин көтөрүүгө шарт түзөт.

Баалоо критерийлерин мугалимдердин жана окуучулардын так билиши, алардын буга бирдей мамиле жасашы объективдүү баалоону камсыз кылат.

1. Окуучунун өтүлгөн тема боюнча толук маалыматтуулугу
2. Жооптордун тууралыгы
3. Ресурстарды пайдалануусу
4. Аудитория менен байланыш
5. Ой-жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгү
6. Мугалимдин жана окуучулардын суроолоруна туура жооп берүү
7. Кошумча булактардан алынган маалыматтарды колдонуу
8. Чечим кабыл алууга өз алдынчалуулук
9. Жоопторду практика менен байланыштыруу
10. Аракетчилдик жана демилгелүүлүк
11. Бардык тапшырмаларды туура логикалуу аткаргандыгы
12. Убакытты туура пайдаланышы

Советтик мезгилде иштелип чыккан баа коюу критерийлери азыр да колдонулуп жатат.

«5» деген баа окуучу теманы жакшы өздөштүрүп жана турмуш менен байланыштыра алса, кошумча материалдарды билсе, өз оюн аргументтүү далилдей алса, эссе, долбоор жактаганда өз оюн иреттүү бере алса, өзүнө жана башкаларга суроо берип, талдай билсе, интерпретациясын (өз түшүнүгүн) далилдеп бере алса, жогорку деңгээлдеги суроолорду берип жана аларга жооп бере билсе жана башка учурларда коюлат.

«4» деген баа жазган эмгектеринде үчкө чейинки грамматикалык катасы болсо, материалды билип бирок, суроолорго толук, далилдүү жооп бере албаса коюлат. Ошондой эле жалпы билимин, активдүүлүгүн эске алса болот.

«3» деген баа системалуу алган билими жок, бирок аракеттенген жана өз позициясы бар, берилген тапшырманы аткарат, бирок өз оюн толук далилдеп, өз сөзү менен айта албаган пассивдүү окуучуга коюлат.

«2» деген баа үй тапшырманы жана класстык ишти аткарбаган пассивдүү окуучуга коюлат. *«Адам жана-коом» предмети боюнча баалоонун болжолдуу критерийлери:*

(Оозеки жооп)

Оозеки жоопту баалоонун критерийлери

Оозеки жооп:

а) окуп-үйрөнүлгөн теориялардын негизинде туура болууга;

б) толук болууга; материал белгилүү бир логикалык удаалаштыкта берилүүгө;

в) материал адабий тил менен берилүүгө;

г) жооп өз алдынча болууга тийиш.

Оозеки жоопко коюлуучу баалардын ченемдери:

– «2» деген баа – жооптон окуучу окуу материалынын мазмунун түшүнбөгөнү же мугалимдин жетелеме суроолорунан кийин оңдой албаган олуттуу каталарды кетиргени байкалат.

– «3» деген баа – жооп толук, бирок олуттуу ката кетирилген же жооп толук эмес, байланышсыз.

– «4» деген баа – окуп-үйрөнгөн теориялардын негизинде жооп толук жана туура; материал белгилүү бир логикалык удаалаштыкта берилген; ошол эле учурда мугалимдин талабы менен оңдолгон; 2–3 анча олуттуу эмес ката кетирилген.

– «5» деген баа – окуп-үйрөнгөн теориялардын негизинде жооп толук жана туура; материал белгилүү бир логикалык удаалаштыкта, адабий тил менен берилген; өз алдынча жооп.

2. Жазуу түрүндөгү жооп

Жазуу түрүндөгү жоопту баалоонун критерийлери:

Жазуу түрүндөгү жоопту баалоодо төмөнкү элементтерди бөлүп көрсөтүүгө болот:

– проблеманы ачып берүүдө өз көз карашын (позициясын, мамилесин) көрсөтүү;

– проблеманы теориялык деңгээлде ачып берүү (негиздөөлөр менен байланышта) же жоопто терминдер менен түшүнүктөрдү пайдаланган учурда;

– коомдук турмуштун фактыларына же өз тажрыйбасына таянуу менен өз позициясын аргументтеген учурда.

Жазуу жүзүндөгү жоопко коюлуучу баалардын ченемдери:

– 2» деген баа проблема ачылып берилбесе же тапшырманын контекстиндеги эмес маалымат (коомдук турмуштун же өз тажрыйбасынын фактылары) берилсе коюлат,

– «3» деген баа көтөрүлгөн проблема боюнча өздүк позициясы аргументтөөсүз тиричилик деңгээлинде берилсе коюлат.

– «4» деген баа проблеманы ачып берүүдө өз көз карашы (позициясы, мамилеси) көрсөтүлсө коюлат. Проблема терминдерди жана түшүнүктөрдү формалдуу колдонуу менен ачылган. Коомдук турмуштун фактыларына же өздүк социалдык тажрыйбасына таянуу менен өз пикирин аргументтеген.

– «5» деген баа проблеманы ачып берүүдө өз көз карашы (позициясы, мамилеси) көрсөтүлсө коюлат. Проблема теориялык деңгээлде, негиздөөлөр менен байланышта, контекстте терминдерди жана түшүнүктөрдү корректүү колдонуу менен ачылган. Коомдук турмуштун фактыларына же өздүк социалдык тажрыйбасына таянуу менен өз пикирин аргументтеген.

3. Практикалык иш

Баалоонун критерийлери:

Практикалык ишти баалоодо төмөндөгү элементтерди бөлүп көрсөтүү керек:

а) иште зарыл болгон ырааттуулукту сактоо;

б) окуучулар ишти аткаруу үчүн зарыл болгон билимдердин булактарын өз алдынча тандап алышат;

в) практикалык иштерди аткаруу үчүн зарыл болгон теориялык билимдерди, практикалык билгичтиктер менен көндүмдөрдү өз алдынча пайдаланышат.

Практикалык ишке коюлуучу баалардын ченемдери:

– «2» деген баа окуучу ишти аткарууга даяр болбосо коюлат. Алынган натыйжалар туура бүтүмдөрдү жасого шарт түзө албайт жана коюлган максатка туура келбейт. Теориялык материалды начар биле тургандыгы жана керектүү билгичтиктердин жоктугу көрүнөт. Окуучу начар даярдангандыктан мугалимдин жана башка окуучулардын жетекчилиги менен көмөгү натыйжа бербейт.

– «3» деген баа практикалык иш мугалимдин же жакшы даярданган жана бул ишти «эн жакшы» аткарган окуучулардын жардамы менен аткарылса коюлат.

Ишти аткарууга коп убакыт жумшалат (толук бүткөрүү үчүн ишти үйгө берүүгө болот). Окуучулар теориялык материалды билерин көрсөтөт, бирок өз алдынча иштөөдө кыйналат.

– «4» деген баа практикалык иш же өз алдынча иш окуучу тарабынан толук көлөмдө жана өз алдынча аткарылган учурда коюлат. Аткаруунун зарыл болгон ыраатынан четтөөлөр байкалат, бирок алар жыйынтыктын тууралыгына таасир тийгизе албайт (айрым аймактарды же өлкөлөрдү мүнөздөөдө типтүү пландын пункттарын алмаштыруу ж.б.). Окуучулар мугалим көрсөткөн билим булактарын колдонот. Иш окуучунун теориялык негизги материалды билерин, ишти өз алдынча аткаруу үчүн зарыл болгон билгичтиктерге ээ болгонун көрсөтөт. Иштин жыйынтыктарын берүүдө так эместиктер жана этибарсыздыктар болушу мүмкүн.

– «5» деген баа иш толук көлөмдө тиешелүү ырааттуулукту сактоо менен аткарылган учурда. Окуучулар толугу менен өз алднча иштешет: ишти аткаруу үчүн зарыл болгон булактарды тандап алышат, практикалык ишти аткарууга керектүү теориялык билимдерин жана практикалык билгичтиктери менен көндүмдөрүн көрсөтүшөт.

**Талдоо**

Баалоонун эң негизги этабы болгон натыйжаларды баалоо эсептелет. Окуу процессинде мугалим ар бир өткөрүлгөн ишке талдоо бериши керек.

Талдоонун жыйынтыгы боюнча мугалим:

1. Окуучулар менен кеңири байланышты түзүүсү жана каталардын үстүндө иштөөнү сунуш кылуусу;

2. Өзүнүн ишмердүүлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүсү, мисалы:

– окуучулар кыйналган темаларды өдөштүрүүнү улантуу;

– окуучулардын түшүнүүсүн жакшыртуу үчүн кошумча убакыт бөлүү;

3. Окутуу методикасына көңүл буруусу, оңдоолорду киргизүүсү;

4. Календардык-тематикалык пландоону коррекциялосу керек.

## Интерактивдүү оюндар

Азыркы мезгилде интерактивдүү ыкманы колдонуу менен сабак өтүүдө интерактивдүү оюндар да кеңири колдонулат. Аларды «Муз жаргыч» (ледоколь) же «разминка» деп да аташат. Интерактивдүү оюндар аркылуу сабакты баштаар алдында класста жагымдуу психологиялык абал түзүп алууга болот. Ошондой эле окуучулар чыгармачыл шыктарын өстүрүүгө, бири-бири менен тил табышууга, кызматташууга, чечим кабыл алууга, өзүн башкара билүүгө, бирөөнүн оюн, каалоо-талабын сыйлоого үйрөнүшөт.

Оюн – бул иш аракет жана активдүүлүк, окуучулардын мүмкүнчүлүгү, жөндөмдүүлүгү. Мүнөзү жана башка жагынан өзүнө окшобогон балдар менен тил табышып, өз ара түшүнүшүп, чыдамдуулук менен мамиле кылууга үйрөнөт.

Балдардын дүйнө таануусун, алган билимин, эске тутуусун, ой-жүгүртүүсүн өстүрөт. Ошондой эле окуучулардын психикасын, денесин эс алдырып, ишкер маанайды сактоого өбөлгө түзүү үчүн «энерджайзер» – сергитме көнүгүүлөрү да бар.

Эскертүү: Убакытты мугалим белгилейт.

*1. Таанышуу – оюн*

**Максаты:**

Бул оюн балдардын кунт коюп угуусун өнүктүрөт. Алар бири-биринин жакшы көргөн нерселери жөнүндө билишет. Ал эми мугалим класстагы окуучулар менен таанышат. Ошондой эле бул оюн балдардын ынтымагын бекемдейт. Мугалимден баштап ар бирөө өз атын жана жакшы көргөн нерсесин айтышат. Мисалы: «Менин атым Назарбек. Мен китеп окуганды жакшы көрөм», – десе кийинки окуучу: «Назарбек китеп окуганды жакшы көрөт. Менин атым Назик, мен сүрөт тартканды жакшы көрөм» – деши керек. Үчүнчүсү дагы өзүнөн мурункуну кайталайт жана өзүнүн атын айтат ж.б. (убакыт аз болсо мурунку окуучуну кайталабаса деле болот)

*2. Жакшы каалоо-тилектер* (комплимент айтуу)

Максаты: Окуучулардын өзүн-өзү баалоосун жогорулатуу, алардын адам катары кадыр-барктуу экендигин көрсөтүү.

**Оюндун жүрүшү:**

Окуучулар тегерете отурушат (же тегерете турушат) да солдон оңго карай бири-бирине жакшы каалоолорун айтышат (сен абдан акылдуусуң, сабакты жакшы окуйсуң ж. б).

2-варианты: Окуучулар эки топко бөлүнөт. Биринчи тобу ички тегеректи экинчи тобу алардын сыртынан сырткы тегеректи түзүп турушат. Сырткы тегерек солдон оңго карай жылып, бири-бирине жакшы каалоолорун айтышат. Оюн биринчи баштаган окуучуга жеткенде токтотулат. Бири-бирине комплимент кат жазса да болот.

*3. Комплимент жазуу*

Бул оюнду болгар мугалими ойлоп тапкан, ага практикасындагы окуя түрткү берген. 9–10 класстын окуучулары сабак учурунда бири-бирине кат ыргытышып, мугалимге тоскоол болушкан. Ушундан улам мугалим сабагын токтотуп, окуучуларга каалаган адамына кат жазып берүүсүн өтүнгөн. Окуучуларга бул процесс абдан жагып, кийинки сабактарды кошунасына комплимент жазуусу менен улантышкан. Мугалимдин байкоосунда бул класстын окуучуларынын өзүн-өзү баалоосу жакшы жакка өзгөрүлгөн.

*4. Белек тартуула*

**Максаты:** Окуучулардын ички маданиятын өнүктүрүү, бири-бирине көңүл буруп, сыйлоого үйрөтүү.

**Оюндун жүрүшү:**

Окуучулар тегерек турушуп, солдон оңго карай бири-бирине кандай белек тартуулагандыгын жаңсоо аркылуу көргөзөт (М: билегине саат тагуу, ручка, китеп жана башка тартуулоо). Белек алган окуучу дагы ыраазы болгондугун жаңсоо аркылуу билдирет. Жаңсоолорду кайталабаганга аракеттенгиле.

*5. Беш манжа*

**Максаты:** Окуучулар бири-бирине комплимент айтууга, башкалардын жакшы сапаттарын көрө билүүгө көнүшөт.

**Оюндун жүрүшү:**

Окуучулар алтыдан бөлүнүп, дептерине же баракка манжаларын коюп, сүрөтүн чийишет жана алаканына атын жазышат. Алар баракты бири-бирине кыдыртып, ар бири бирден манжага комплимент жазышат, бүткөндөн кийин алаканга жазылган атына карап баракты ээсине кайтарып беришет да баары окуп чыгышат.

Мугалимдин суроосу:

- Эмне үчүн бул оюнду ойнодук?
- Айтылган комплименттер силерге жактыбы жана алар кандай таасир берди?

*6. Отургучтун сүрөттөлүшү*

**Максаты:**

Бардыгы тең бир эле буюмду көрүп турганы менен ал жөнүндө ой-пикирлер ар түрдүү болушу мүмкүн. Бирок, окуучулар ар бир айтылган ой баалуу жана өз алдынча туура экендигин түшүнө билиши керек.

Оюндун жүрүшү:

Мугалим отургучту столдун үстүнө коюп, анын ойго келген ар кандай 3–5тен белгилерин жазып берүүнү балдардан суранат. Жазылган барактарды чогултуп же окуучулар өздөрү окуп берип, доскага отургучтун белгилеринин чоң тизмесин түзүшөт. Окуучулар ой пикирлердин ар түрдүүлүгүнө көңүл бурушуп, талкуулашат.

*7. Мурун-пол-потолок* (башталгыч класстар үчүн)

**Максаты:**

Бул оюн кунт коюп угууга арналып, класстагы эркин мамилени түзөт.

**Оюндун жүрүшү:**

Мугалим «мурун–пол–потолок» деп айтат жана аларды көрсөтөт. Бирок, атайылап жаңыла берет. Балдар мугалим айтканда жасашат.

Мугалим окуучуларды атайылап адаштырганга аракеттенет.

*8. Учту, учту, карга учту* (башталгыч класстар үчүн)

*9. Тизилүү*

Максаты: окуучулар ар кандай шартта жол таап, ажырата билүүнү үйронүшөт, чыдамдуулукка, ишти көңүл коюп аткарууга көнүгүшөт.

**Оюндун жүрүшү:**

Окуучулар көздөрүн жумушат жана аларга сүйлөшүүгө тыюу салынат. Алар ошол бойдон боюна жараша жана түз сызыкта катарга тизилишет. Эң жапызы катардын башында, ал эми эң бийиги катардын аягында турушу керек.

*10. Аралча*

**Максаты:** Окуучулар биргелешип. тапшырма аткарууга, кунт коюп уга билүүгө, кыраакылыкка жана шамдагайлыкка үйрөнүшөт.

**Оюндун жүрүшү:** Полго 2–3 чоң барак кагаз (газета) ташталат (аралча). Балдар аны тегеренип басып турушат да, белги берилгенде (алакан чабат) эки буту менен аралчаны басып туруп калышат. Ким үлгүрбөй же аралчага батпай калса ал оюндан чыгат, бир аралча алынып ташталат. Оюн аралча түгөнгөнчө улантылат.

*11. Хаос*

**Максаты:**

Бул көнүгүү окуучуларга тапшырма аткарар алдында өздөрүн жеңил сезүүгө жардам берет. Окуучулар болсо бири-бириндеги өзгөчөлүктөрдү ажырата билүүгө көнүгүшөт.

**Оюндун жүрүшү:** Окуучулар эки катар бири-бирин карап алысыраак турушат. Алардын бардыгына бирдей, кимдин

бут кийими ачык же кара түстө болсо, кимдин сөйкөлөрү бар же жок болсо, кимдин чачтары кара же боёлгон болсо жана башкага карап «орун алмашкыла» деген тапшырма берилет.

*12. Карусель*

**Максаты:** Окуучулар бул көнүгүүлөр аркылуу өткөн теманы кайталап же жаңы сабакты бышыктап алышат.

**Оюндун жүрүшү:**

Окуучулар экиге бөлүнүп, биринчилери ички, тегеректи экинчилери сырткы тегеректи түзүп, бири-бирине карап турушат. Сырткылары ичкиге, ичкилери сырткы тегерекке суроо беришет. Ички тегерек жооп бергенде оң жакка, сырткы тегерек жооп бергенде сол жакка жыла беришет. Суроо берүүнү биринчи суроо берген окуучулар кездешкен же убакытка жараша мугалим токтотконго чейин улантса болот. (Эскертүү: башка суроолорду мисалы: адамдын жакшы сапаттары, баалуулуктары, башкача айтканда, адамдын өмүрү, акча, сүйүү, ата-эне, дос, бир тууган, мугалим, бала жана башкаларды берсе деле болот)

*13. Саякатчы*

**Максаты:** Окуучулар чакан группада карта менен иштөөгө үйрөнүшөт. Бири-биринен ар кандай шаар, мамлекеттер тууралуу маалымат алышат.

**Оюндун жүрүшү:**

Окуучулар 4–5тен болуп группага бөлүнөт. Ар бир группага өлкөнүн же дүйнөнүн картасы берилет. Ар бир окуучу группага картадан өзү үчүн кымбат маанилүү деген жерлерди (шаар, кыштактарды) көргөзүп, айтып беришет.

*14. Ким жаңылбайт?*

**Максаты:** Окуучулардын тез ойлонуп, кабыл алуусу, эске тутуу жөндөмдүүлүгүн арттырат.

**Оюндун жүрүшү:**

Окуучулар бир катар же тегерек тартып турушат. Башында турган окуучудан баштап, кезектешип, бат-баттан кыргызча-орусча санай башташат.

Мисалы: бир, два,үч, четыре, беш, шесть ж.б. Жаңылгандар оюндан чыгып, калгандары уланта берет. Убакытты мугалим белгилейт.

*15. Менин атым мен жөнүндө*

Максаты: «Бала атына карап өсөт» дегендей, ар бир бала өзүнүн ата-энеси койгон атына сыймыктанат. Ошол сыяктуу окуучулар өз аттарынын тамгаларына сөздөрдү жазуу аркылуу, анын канчалык маанилүү, уккулуктуу экендигине көңүл буруп, көңүлү өсөт.

**Оюндун жүрүшү:**

Окуучулар өз аттарын дептерине тигинен жазышат да алардын ар бир тамгасына ылайыктап, жакшы сөз таап жазышат. Мисалы:

Асан деген атты алып көрөлү.

А – акылдуу

С – сабырдуу

А – ак көңүл

Н – намыскөй

*16. Көз кысмай*

**Максаты:** Сабак башталаар алдында класста жагымдуу психологиялык абал түзүү, окуучулардын чыгармачылшыктарын өстүрүү.

**Оюндун жүрүшү:** Окуучулар тегерек тартып турушуп, ортого бир окуучу чыгат. Окуучулардын бири башка окуучуга көз кысат да, ошол замат алар орун алмашып туруп калышы керек. Ортодогу окуучу аларга мүмкүнчүлүк бербей бирөөнүн ордуна туруп калууга ашыгат. Орун алмашууга үлгүрбөй калган окуучу ортого турат. Оюн улантыла берет. Убакытты мугалим белгилейт.

*17. Мен суктанган адам*

**Максаты:** Балдарга алар суктанган адамдын жүрүш-турушунун башкаларга тийгизген таасири тууралуу билдирүү.

**Оюндун жүрүшү:** Окуучулар өз алдынча өздөрү суктанган адамдар тууралуу кыскача жазып окуп беришет. Суроолорду берсеңер болот.

**Суроолор:**

- Эмне үчүн сен ага суктанасың?
- Ал адамдын жакшы сапаттары кайсылар?
- Ага сенден башкалар да суктанышабы?

- Ал адам менен сенде окшош сапаттар барбы? Алар кайсылар?
- Ал адамдын кандай сапаттары бар?
- Ошондой терс сапаттар сенде да бар деп ойлойсуңбу? Аларды атап бер?
- Ал адамдын кайсы жакшы сапаттарын өзүңө кабыл алар элең? ж.б.

*18. Беш сылык сөз*

**Максаты:**

Бири-бирине сылык сөз арнаганга, жакшы мамиле жасаганга үйрөнүшөт.

Оюндун жүрүшү: Окуучулар бири-бирине бештен сылык сөз арнап жазат. (3–5 мүн) Берилген убакыт бүткөндө башка окуучуларга арнаган сылык сөздөрүн окуп (айтып) беришет.

*19. Молекула*

**Максаты:**

Класста жагымдуу психологиялык чөйрөнү түзүү. Окуучулар ылдамдыкка, тапкычтыкка көнүшөт.

**Оюндун жүрүшү:**

Мугалим «молекула» деген команда бергенде, окуучулар молекула сыяктуу башаламан кыймылда болуп турушат (же класста басып турушат). Качан гана «экиден биригебиз» же «үчтөн биригебиз» ж.б. деп айтканда окуучулар колдон кармашып биригишет. Ашып калган окуучу катардан чыгат. Кайрадан «молекула» – деген команда берилип кыймылдай баштašат, кайрадан биригишет, оюн уланат (убакыт 5–7 мүнөт).

## Календардык план
(жумасына 1 саат)

| № | Темалардын аталышы | Саат |
|---|---|---|
| | **I бөлүм Адам.** | |
| | **I ЧЕЙРЕК** | |
| 1. | Адамдын жашоосунун табигый чөйрөсү | 1 |
| 2. | Адам – биологиялык жана социалдык жандык | 1 |
| 3. | Адам өзүн-өзү кандайча таанып билет? | 1 |
| 4. | Адам организминин мүмкүнчүлүктөрү | 1 |
| 5. | Жеке коопсуздук | 1 |
| | **II бөлүм. Коом** | |
| 6. | Үй-бүлөнүн коомдогу ролу | 1 |
| 7 | Практикалык иш | 1 |
| 8 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | | **8 с.** |
| | **II ЧЕЙРЕК** | |
| 9 | Коомдогу тилдин ролу | 1 |
| 10–11. | Мектеп жана окуучу | 2 |
| 12. | Өз алдынча билим алуу | 1 |
| 13. | Окуучунун укуктары жана милдеттери | 1 |
| 14. | Коомдун социалдык түзүлүшү | 1 |
| 15 | Практикалык иш | 1 |
| 16. | Чейректик кайталоо | 1 |
| | | **8 с.** |
| | **III ЧЕЙРЕК** | |
| | **III бөлүм. Коомдогу адептик баалуулуктар** | |
| 17 . | Коомдун социалдык түзүлүшү (2 саат, бир сааты 3-чейректе өтүлөт | 1 |
| 1 8 – 19. | Адептик баалуулуктар | 2 |
| 20. | Коомдук турмуштагы дин | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 21 | Мораль жана укук | 1 |
| | **IV бөлүм. Мамлекет** | |
| 22–23. | Мамлекет жана анын формалары | 1 |
| 24 | Ата Мекенди коргоо | 1 |
| 25 | Практикалык иш | 1 |
| 26 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | | **9 с.** |
| | **IV ЧЕЙРЕК** | |
| 27. | Жарандардын тең укуктуулугу | 1 |
| 28 | Айлана-чөйрөнү коргоо | 1 |
| | **V бөлүм. Экономика** | |
| 29. | Экономика жана коом | 1 |
| 30 | Керектөө маданияты | 1 |
| 31. | Практикалык иш | 1 |
| 32 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | | **7 с.** |
| | **Жыйынтыгы:** | **32 с.** |

Баардыгы – 34 саат
Сабактын темалары – 24 саат
Практикалык иш – 4 саат
Кайталоо – 4 саат
Мугалимдин ыктыярдуу сааты – 2 саат

Практикалык иште темага байланыштуу кичи долбоорлорду, диаграммаларды окуучулардын укук жана милдеттерин иштеп чыгуу жана башка тапшырмаларды аткаруу сунушталат.

Администрация мүчөсү бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

## § 1. Адамдын жашоосунун табигый чөйрөсү

**Өтүү мөөнөтү:** Сентябрдын 2-жумасы (кийинки темалар да ушундай жазылат).

**Колдонулган усул:** Чакан топто иштөө, кластер түзүү, долбоор жактоо

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар бул темадан адамдын жашоо чөйрөсү, табийгый чөйрөсү, адам менен табияттын өз ара байланышы жөнүндө түшүнүк алышат.

**Тарбиялык:** Окуучулар жаратылыш байлыктарын коргоо, аларды туура пайдалануу тууралуу талкуу жүргүзүү менен экологиялык тарбия алышат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Чакан топтордо иштөөдө окуучулар өз ара пикир алышуу, бири – бирин сыйлоо, топто бирге иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, ватман, маркерлер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 25–30 мүн

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

Интерактивдүү оюн (разминка): Класста жакшы маанай түзүү үчүн окуучулар «саякатчы» деген оюнду ойношот.

«Саякатчы»

**Максаты:** Окуучулар чакан группада карта менен иштөөгө үйрөнүшөт. Бири-биринен ар кандай шаар, мамлекеттер тууралуу маалымат алышат.

**Оюндун жүрүшү:**

Окуучулар 4–5тен болуп группага бөлүнөт. Ар бир группага өлкөнүн же дүйнөнүн картасы берилет. Ар бир окуучу группага картадан өзү үчүн кымбат маанилүү деген жерлерди (шаар, кыштактарды) көрсөтүп, эмне үчүн ал жакка саякатка барышаарын айтып беришет (5–6 мүн).

Жаңы сабак башталат.

1-кадам: Мугалим окуучуларга кайрылып:

Балдар, кийинки мезгилде табияттарды коргоо тууралуу сында көбүрөөк айтылууда. «Силер табияттын кайсы түрлөрү өзгөчө коргоого муктаж деп ойлойсуңар? – деген суроону берет. Окуучулар аба, суу, токой, жапайы жаныбарлар ж.б. коргоого алууга муктаж деген жоопту беришет.

2-кадам: Окуучулар 1ден 4кө чейин санап, төрт чакан топторго бөлүнүп отурушат. (парталар мурда эле даярдалат) 1-топко «Шаардын абасын коргоо», 2-топко «Токойлорду коргоо», 3-топко «Жапайы жаныбарларды коргоо», 4-топко «Таза сууларды сактоо» деген темалар жазылган ватмандар таратылып берилет.

3-кадам: Ар бир топтун мүчөлөрү биригип, жаратылышты кантип коргоонун, аларды өнүктүрүүнүн жолдорун сунуштаган долбоорлорун иштеп чыгышат (кластер түзүшсө да болот). Жаратылыштын бузулгандыгын чагылдырган сүрөт көргөзмөсүн уюштурса да болот. Мугалим топтордун иштөөсүнө көз салып, багыт берип турат (10–12 мүнөт).

4-кадам: Берилген убакыт бүткөндө мугалим окуучуларга «убакыт жетиштүү болдубу, тапшырманы аткарууга үлгүрдүңөрбү?» деп кайрылат, эгерде зарыл болсо 2–3 мүнөт убакыт берилет.

5-кадам: Ар бир топ аткарган тапшырмаларын кезеги менен доскага илип, сунуштаган долбоору тууралуу окуучуларга айтып беришет (презентация, ар бир топко 2–3 мүнөт берилет). Башка топтун окуучулары суроо берип, талкуулашат.

6-кадам: Бардык топ өз долбоорлорун коргоп бүткөндөн кийин мугалим өз пикирин айтып, сабак жыйынтыкталат.

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма.**

Администрация мүчөсү бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

## § 3. Адам өзүн-өзү кандайча таанып билет?

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган ыкма:** Эки бөлүктүү күндөлүк, түгөйү менен иштөө.

**Сабактын максаттары:**

*Билим берүүчүлүк:* Адамдын өзгөчөлүктөрү, адамды түшүнө билүү тууралуу окуучулар өз түшүнүктөрүн калыптандырышат.

*Тарбиялык:* Өз алдынча ойлонуу жана аракеттенүүгө тарбияланышат, өзүн-өзү баалай билүү жөндөмүн жогорулатуу үчүн инсандык сапаттарын баалай билүүгө үйрөнүшөт.

*Өнүктүрүүчүлүк:* Сынчыл ойломду өнүктүрүү, түгөйлөрү менен кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Эки бөлүктүү күндөлүктүн үлгүсү чийилген флипчарт, окуу китеби, сызгыч, карандаш, текст, «Маалымат картасы» деген схема.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 30–35 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы. Окуучулар убакытка жараша төмөнкү тапшырмаларды аткарышат.

**1-тапшырма:** Маалыматтар картасын түзүү, мында окуучулар адам тууралуу маалыматтарды схема түрүндө көрсөтөт (3–5 мүнөт). Мисалы: адам ойлонот, сүйлөйт, эмгектенет, билим алат, тамактанант, турмуш курат ж.б.



**2-тапшырма:**

Улукман Хакимдин бул насааттары адамдын инсандык сапаттарын өнүктүрүүдө канчалык деңгээлде маанилүү экендигин далилдеген мисалдарды келтиргиле. Ушул насааттардын кайсыларын өз турмушуңарга колдоносуңар?

М.: Көп сүйлөбө, маңыз болосуң, элди тажатасың, сөзүңдөн көп адашып, баркың кетет.

• Тамеки тартпа, ден соолугуңдан айрыласың, өмүрүң кыскарат ж. б.

Улукман Хакимдин насааттары:

• Ден соолугуңду көздүн карегиндей сакта.

• Ичкилик ичпе, баңги зат колдонбо, тамеки тартпа. Көп сүйлөбө, көп күлбө, катуу музыка укпа.

• Мактанчаак болбо, сөзүңдү далилдүү айт.

• Аз жеп, аз укта, ар ишти акылга сал.

• Бүтүрбөгөндү бүтүрдүм дебе.

• Бирөөнүн жакшылыгын мен кылдым дебе.

• Жөнөкөй бол, бой көтөрбө.

• Ачууга алдырсаң сөздүн артын байкап сүйлө.

• Дүнүйө үчүн башыңды машакатка салба.

• Колуңдан келсе, урушка да аралашпа.

• Тилиңе сак бол.

**3-тапшырма:** «Чыгармачыл инсандын он осуяты».

Канадалык психолог Поль Вайнцвайг түзгөн чыгармачыл инсандын он осуятын окуп чыккыла.

Өзүңөрдүн жашооңордо ушул сыяктуу осуяттарды колдоносуңарбы? Вайнцвайгдын берген осуяттарынан кайсынысы силерге өтө маанилүү сезилет?

1. Өз тагдырыңдын ээси бол.

2. Кайсы ишти жакшы көрсөң, ошондон ийгилик тап.

3. Элдик ишке өзүңдүн конструктивдүү салымыңды кош.

4. Адамдар менен болгон мамилелериңди ишеничке негизде.

5. Өзүңдүн чыгармачыл жөндөмүңдү өөрчүт.

6. Өзүңдөгү тайманбастыкты өнүктүр.

7. Ден соолугуң жөнүндө кам көр

8. Өзүңө ишениминди жоготпо.

9. Позитивдүү ойлонууга аракет кыл.

10. Материалдык жетишкендикти руханий канааттануу менен айкалыштырып тур.

**Жаңы сабак башталат**

1-кадам: Окуучулар берилген теманы окуп чыгышат.

2-кадам: Биринчи катардагы окуучулар түгөйлөрү менен бирге «Адам – биологиялык жандык», экинчи катардагы окуучулар «Адам – социалдык жандык» экендигин далилдеген белгилерин жазып чыгышат. Үчүнчү катардагылар «Аң-сезим, акыл-эсти кандай түшүнөсүң?» деген суроого жооп берүү менен «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө» деген макалдын маанисин чечмелеп беришет. Же болбосо, тапшырманы жалпы класста окуучулар түгөйлөрү менен аткарышса деле болот (5–6 мүн).

3-кадам: Берилген убакыт бүткөндө мугалим окуучулардан «тапшырманы бардыгыңар аткарып бүттүңөрбү же кошумча убакыт керекпи?» деп сурайт. Эгерде бардыгы аткарып бүтүшсө, каалаган же баасы жок окуучулар жазган тапшырмасын окуп беришет. Башка катардагы окуучулар аларды көңүл коюп угуп, суроо беришет (ар бир жооп берген окуучуга 2–3 мүн кетет.

4-кадам: Мугалим окуучулардын берген жоопторун жалпылоо менен өтүлгөн теманы жыйынтыктайт.

Суроолор:

- Адамдын биологиялык керектөөлөрү кайсылар?
- Адамдын биологиялык жана социалдык жандык экендигин далилдегиле.

**2-вариант**

1-кадам: Окуучулар доскадагы үлгүнү карап, эки бөлүктүү күндөлүктү дептерине чийишет (№1 тиркеме).

2-кадам: Алар китептеги теманы же таратылган тексттерди окуп чыгып, эң маанилүү деп эсептешкен цитата же сөздөрдөн алып «цитата» бөлүгүнө жазышат. Ал эми «комментарий» бөлүгүнө ошол цитата жана сөздөргө комментарий жазышат (7–10 мүнөт).

3-кадам: Убакыт бүткөндө бир окуучу биринчи цитатаны окуп, комментарийлеп берет. Мугалим «дагы кимдин аткарган тапшырмасы ушуга окшош?» деп сурап турат. Бул окуучулар бири-бирин кайталабай, убакытты үнөмдөөгө мүмкүндүк берет. Кезек кийинки окуучуларга келип, жооп берүү улантылат. (10–12 мүнөт каалагандар же баасы жоктор суралат).

Мугалим калган убактысын өткөн темаларды кайталоо менен жаңы сабакты жыйынтыктап, окуучулардын билимин баалоо жана үйгө тапшырма берүү менен сабакты аяктайт.

**Суроолор:**

- Маалымат картасын түзүүнүн максаты эмнеде деп ойлойсуңар?
- Китепте көрсөтүлгөн адамдар менен жаныбарлардын айырмачылыктарын окуп, өз алдыңарча дагы кошумчалагыла.
- Инсан жөнүндө эмнелерди билдиңер? (Эрежеси, сапаттары ж.б.)

Инсандын бир нече аныктамалары белгилүү.

Инсан – бул биологиялык физиологиялык жаш курактык жана психологиялык жактан өзгөчөлөнгөн адам.

Инсан – бул коомдук мамилеге катыша алган адам. Ал өзүнө окшогондор менен дайыма мамиле түзө алат.

Инсан – бул өзүнүн социалдык ролун толук аткаруу жөндөмдүүлүгүнө жана даярдыкка ээ болгон адам.

Инсан – бул өз ата-бабаларынан социалдык тажрыйбаларды алган, аны пайдаланган жана өнүктүргөн адам. Ал өзүнүн социалдык тажрыйбаларын кийинки муундарга бере алат.

Инсан – бул коомчулук үчүн белгилүү баалуулукту түзгөн социалдык тажрыйбага ээ болгон адам.

Инсан – бул өзүнүн жасаган иштерин адеп-ахлактык нормалар жана моралдык принциптер менен өлчөгөн адам.

**№ 2-тиркеме**
Эки бөлүктүү күндөлүк

| Цитата | Комментарий |
|---|---|
| | |

Администрация мүчөсү бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

## § 4. Адамдын организминин мүмкүнчүлүктөрү

**Өтүү мөөнөтү:**
**Колдонулган усул:** Ротация, чакан топтордо иштөө
**Сабактын максаттары:**
**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар бул темадан ден соолукту сактоо, туура тамактануу жана адамдын жашоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө өз түшүнүктөрүн кеңейтишет.
**Тарбиялык:** Окуучулар ден соолугу чың болуп, узак жашоо үчүн туура тамактануу жана өз ден соолугуна кам көрүү керектигин түшүнүшөт.
**Өнүктүрүүчүлүк:** Чакан топто иштөөдө бири-бири менен кызматташуу, угуп сыйлай билүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.
**Сабактын жабдылышы:** ватман, маркерлер.
**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 30–35 мүнөт.
**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.
**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы
**Жаңы сабак башталат**
Окуучулар 3 топко бөлүнүшөт (парталар мурда эле жайгаштырылат).
2-кадам: 1-топко «Ден соолукту кантип сактоого болот?», 2-топко – «Адамдар канткенде узак жашайт?», 3-топко «Ту-

ура тамактануу деген эмне?» деген суроолор жазылган ватмандар таратылат (ватмандар экиге бөлүнөт).

3-кадам: Окуучулар суроолорго жооп жазышат (2–3 мүн.) Мугалим «ротация» деген сөздү айтканда окуучулар сааттын жебесинин багыты боюнча жооп жазып, ватмандарды башка топторго жиберишет. Ар бир топко өз ватмандары кайтып келмейинче ушул тартипте алмаша беришет.

4-кадам: Ватмандарын доскага илип, ар бир топтон 2 ден окуучу чыгып, жазгандарын окуп берет (2–3 мүн).

5-кадам: Берилген теманы кунт коюп окуп чыгып, ар бир топ мурдагы жазгандарына жаңы маалыматтарды кошуп, толукташат (10–13 мүн).

6-кадам: Убакыт бүткөндө окуучулар жаңы маалыматтарын окуп беришет (3–5 мүн).

Мугалим сунуш-пикирлерин айтуу менен сабакты жыйынтыктайт.

Суроолор:

- Туура тамактануунун пирамидасы деген эмне?
- Сен өз ден соолугуңа кандай кам көрөсүң?

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма.**

## § 5. Жеке коопсуздук

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган ыкма:** Түгөйү менен иштөө, салыштыруу

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар жеке жана үйдөгү коопсуздук, жол эрежелерин сактоо жөнүндө билим алышат.

**Тарбиялык:** Окуучулар өздүк коопсуздугун сактоого, өз өмүрүнө жоопкерчилик менен мамиле кылууга тарбияланышат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Текст менен иштөө, салыштыруу жөндөмдөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китептери, ватмандар, маркерлер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 25–30 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**Жаңы сабак башталат**

Мугалим окуучуларга кайрылып «Жеке коопсуздук деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?» деген суроону берет. Окуучулардын жооптору доскага жазылат (5–6 мүн).

2-кадам: Мугалим окуучуларга бул теманын үйгө тапшырмага берилгендигин эскертет. Окуучулар 5 тен болуп, 4 топко бөлүнүшөт. Калгандары бул тапшырмаларды өз алдынча аткарып, эксперт катары топтордун ишине баа беришет.

3-кадам: 1-топко «Жеке коопсуздук», 2-топко «Үйдөгү коопсуздук», 3-топко «Жолдо жүрүүнүн эрежелери», 4-топко «Тамак-аш коопсуздугу» деген темалар жазылган ватмандар, маркерлер таратылат. Ар бир топ өз темасына дал келген окуу китебиндеги теманы пайдаланып, коопсуздук эрежелерин иштеп чыгышат (5–10 мүнөт). Мугалим багыт берет.

4-кадам: Ар бир топ ватмандарын доскага илип, аткарган иштерин окуучуларга айтып беришет. Калган окуучулар суроо берип, өз ой-пикирлерин айтышат.

5-кадам: Коопсуздук жана жолдо жүрүү эрежеси боюнча видео тасмаларды жана мультфильмдерди көрсөтүү сунушталат (мүмкүнчүлүк болсо).

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма.**

- 1 саат практикалык иш

Администрация мүчөсү бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

## Тема: Чейректик кайталоо

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган усул:** «Суроолор дарагы», түгөйү менен иштөө.

**Сабактын максаттары**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар өткөн темаларды кайталап, суроо түзүп, аларга жооп берүү аркылуу мурдагы сабактардан алган билимдерин эске салышып, системалаштырат, жалпылайт жана бышыкташат.

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, «Суроолор дарагы» тартылган ватман, скотч ж. б.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 30–35 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**Жаңы сабак башталат**

1-кадам: Окуу китебиндеги 3-чейректе өтүлгөн темалар бөлүнүп берилет. Окуучулар аларды өз алдынча окуп чыгып, түгөйлөрү менен бирге кеңешип, экиден суроо түзүшөт жана жоопторун даярдашат (7–10 мүнөт).

2-кадам: Аларды ар түрдүү мөмө-жемиштердин формасында кесилген карточкаларга жазып, доскадагы «Суроолор дарагына» чапташат. Скотчтор буга чейин эле кесилип досканын жээгине чапталып коюлат (3–5 мүнөт).

3-кадам: Бардык түгөйлөр даярдаган суроолорун чаптап бүткөндөн кийин окуучулардын бири чыгып, суроолорду бирден окуп берет. Окууучулар суроого жооп беришет. Мугалим «Туура жооп берилдиби, ким толуктайт?» деп окуучулардан сурап турат. Эгерде эч ким жооп бере албаса суроону түзгөн түгөйлөрдүн бири жооп берет (2–3 мүн).

4-кадам: Суроолорго толук жооп берилгенден кийин мугалим кайсы түгөйлөрдүн суроолору маанилүү жана кызыктуу болгонун, кайсы окуучулар аргументтүү жооп бергендигин окуучулар менен бирге аныктап, баа коет.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:** Өткөн темаларды кайталоо.

Администрация мүчөсү бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

## §§ 8–9. Мектеп жана окуучу

**Өтүү мөөнөтү:**
**Колдонулган усул:** Эссе жазуу, класста жалпы талкуулоо.
**Сабактын максаттары:**

*Билим берүүчүлүк:* Окуучулар бул темадан мектеп босогосун жаңыдан аттаган окуучулар мектепте окула турган сабактар, анда эмгектенген чыгармачыл мугалимдер тууралуу маалымат алышат.

*Тарбиялык:* «Мектеп билим булагы» дегендей окуучулар мектептен билим, тарбия алуу менен бирге аларды курчап турган кеңири ааламга жол ачылаарын жоопкерчилик менен сезе билишет.

*Өнүктүрүүчүлүк:* өз алдынча ой жүгүртүү, ой топтоп, аны кыскача баяндап жазуу билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, дептер, ручка.
**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 30–35 мүнөт.
**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.
**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.
**Жаңы сабак башталат**
1-кадам: Мугалимдин сөзү:

Балдар, бүгүнкү сабакта биз «Күн астында мугалимден бийикээч нерсе жок» деген темада сөз кылабыз. Ошого байланыштуу силер белгилүү жазуучу Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинин негизинде тартылган кинодон үзүндү

көрөсүңөр. Талкуута активдүү катышып көңүл коюп көргүлө. Эгерде мүмкүнчүлүк болбосо ушул суроолорго байланыштуу бөлүгүн китептен окуп берет же текст таратат.

2-кадам: Кинодон үзүндү көрүп бүткөндөн кийин мугалим окуучуларга төмөнкү суроолорду берет: (кино көрсөтүү (10–15 мүн)

• Биздин каарманыбыз Дүйшөн кандай көйгөйдү көтөрүп жатат жана эмне үчүн ?

• Дүйшөн эмне үчүн кедей-кембагалдардын балдарын жыйнап окуткусу келет?

• Ал кандай карама-каршылыктарга туш болду жана эмне себептен?

• Силер кандай ойлойсуңар Дүйшөн өз максатына жетеби?

Ошол Дүйшөнгө окшогон мугалимдердин эмгегинин аркасында кыргыз эли сабатсыздыгын жойгон деп мугалим талкууну жыйынтыктайт (5–10 мүнөт).

3-кадам: Доскага «Менин сүйүктүү мектебим» жана Менин биринчи мугалимим» деген темалар жазылат. Окуучулар алардын каалаган темада дилбаян жазышат. (5–7 мүнөт).

4-кадам: Жазган дилбаяндарын окуп беришет.

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма.**

Администрация мүчөсү бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

## § 10. Өз алдынча билим алуу

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган усул:** Акыл чабуулу, ротация, жалпы талкуулоо.

**Сабактын максаттары:**

*Билим берүүчүлүк:* Окуучулар өз алдынча билим алуунун мааниси, анын жолдору жана билим алуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө түшүнүк алышат.

*Өнүктүрүүчүлүк:* өз билимин өркүндөтүү аркылуу интеллектин жогорулатууга, чыгармачылыгын өнүктүрүүгө көнүгүшөт.

*Тарбиялык:* Окуучулар өз алдынчалыкка, белгилүү жана так максат коюп, ага жетүүгө аракеттенүүгө үйрөнүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, ватман, маркерлер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүн.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн теманы кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

Жаңы сабак башталат.

1-кадам: Окуучулар 4–5 тен болуп, 3 топко бөлүнүшөт.

Мугалим иштин тартибин түшүндүрүп, суроолор жазылган 3 ватманды окуучуларга таратат. 1-топко «Эмне үчүн билимге умтулуу керек, ансыз жашоого болбойбу?», 2-топко «Өз алдынча билим алууну кандай түшүнөсүңөр?», 3-топко «Кандай жолдор менен өз алдынча билим алууга болот?» деген суроолор жазылат. Калган окуучулар бул тапшырмаларды өз алдынча аткарышат.

2-кадам: Ар бир топ суроолорго жооп жазышат. 2–3 мүнөттөн кийин мугалим «ротация» деп айтат. Окуучулар саат жебесинин багыты менен ватмандарды алмаштырып, аларга жооп жазышат. Топтон өзүнүн ватманы кайтып келмейинче ушул тартипте алмаша беришет.

3-кадам: Ар бир топтон 2 ден окуучу чыгып, ватманга жазгандарын доскага илип окуп берет жана окуучулардын суроолоруна жооп беришет (2–3 мүн).

4-кадам: өз алдынча тапшырма алган окуучулар да жооп беришет.

**Суроолор:**

- Өз билимин өркүндөтүүнүн кандай жолдорун билдиңер?
- Учурда билим алуунун кандай жаңы мүмкүнчүлүктөрүн билесиңер?

**Баалоо. Үйгө тапшырма.**

Администрация мүчөсү кол коюп бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

1 саат практикалык иш

## Тема: Чейректик кайталоо

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган усул:** Коллективде иштөө, талкуу жүргүзүү.

**Сабактын максаттары:**

Окуучулар коллективде иштөө, талкуу жүргүзүү аркылуу өткөн сабактарды кайталап системалаштырат, алган билимдерин бышыкташат.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, суроолор жазылган карточкалар, карточкаларды салган кутуча.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы. Жаңы сабак башталат.

1-кадам: Мугалим окуучулардын жардамы менен карточкага өткөн темаларга байланыштуу суроолорду жазып, даярдап коет (окуучулар өткөн темаларды кайталап келишет).

2-кадам: Окуучулар парталарды жылдырып, тегерек тартып отурушат же орундарында отурушса деле болот. Алардын бирөө алып баруучу болуп дайындалат (3–5 мүнөт).

3-кадам: Окуучулардын берген жоопторун баалангаңга жардам берүү үчүн эксперттик топ түзүлөт. Алып баруучу суроолор жазылган карточкалар салынган кутучаны алып, кезек менен тарата баштайт. Карточканы алган окуучу андагы суроону окуп, дароо жооп берет. Эгерде жооп бере албаса алып баруучу ал суроону окуп, класска жарыялайт. Анын жообун билген окуучу жооп берет.

Алып баруучу кийинки окуучуга өтөт. Ал карточканы алып, суроону окуп жооп берет. Ар бир жооптон кийин окуучулардан кошумча толуктоолор барбы деп сурап турат. Ушундай жол менен коллективде иштөө улана берет (10–15 мүн).

4-кадам: Берилген убакыт аяктаганда же суроолор жазылган карточкалар түгөнгөндө коллективде иштөө токтотулат.

5-кадам: Мугалим эксперттик топ менен кеңешип, кайсы окуучунун жооптору туура болгондугун аныктап баа коюшат. Убакыттын калган бөлүгүн жооп бере албаган жана баасы жок окуучуларга кошумча суроо берип баа коюлат.

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма.**

Администрация мүчөсү бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

## §§ 14–15. Коомдогу адептик баалуулуктар

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган усул:** Акыл чабуулу, «Т схемасы», текст менен иштөө.

**Сабактын максаттары:**

*Билим берүүчүлүк:* Окуучулар кыргыз элиндеги салт болуп калган адептүүлүк баалуулуктарынын бири болгон боорукерлик жана кайрымдуулук тууралуу түшүнүк алышат.

*Тарбиялык:* Бул темадан окуучулар ар намыстуу, ак ниет, боорукер, болууга тарбияланышат.

*Өнүктүрүүчүлүк:* Эркин ой жүгүртүү, текст менен иштөө, таанып-билүү, салыштыра билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, ватмандар, маркерлер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы

Жаңы сабак башталат.

1-кадам: Окуучулар 4–5тен болуп, үч топко бөлүнүшөт. Калган окуучулар бул тапшырманы өз алдынча аткарышат жана топтордун ишине эксперт болушат.

2-кадам: Топторго «Улуттук ар-намыс», «Ата Мекендин намысы», «Жеке адамдын намысы» деген темалар жазылган ватмандар таратылат.

3-кадам: Ар бир топ алган тапшырмаларына жооп жазышат.

Мисалы: Улуттук намыс деген эмне? Аны кайсы учурда кантип коргойбуз? ж.б. калгандары да ушул сыяктуу айтылат (7–10 мүн).

4-кадам: Берилген убакыт бүткөндө ар бир топ ватмандарын доскага илишет. Андан соң экиден окуучу чыгып, жазгандарын окуп беришет. Мугалим «толуктоолор же түшүнбөгөн суроолор барбы?» деп окуучулардан сурап турат (2–3 мүнөт).

5-кадам: Бардык топ тапшырмаларын окуп бүткөндөн кийин эксперт окуучулар ар бир топтун жообун толуктап, суроолору болсо беришет. Мугалим алардын сунуштарын эске алуу менен баа берип, сабак жыйынтыкталат.

**Баалоо. Үйгө тапшырма.**

**2-вариант**

## Тема: Боорукерлик, гумандуулук

Колдонулган усул: «Т схемасы».

*1-кадам:* «Боорукерликти ким кандай түшүнөт?», – деген суроо берилип, окуучулар мисал келтирип, жооп жазышат.

*2-кадам:* Жекече иштөө: Окуучулар барактын ортосунан чийип, бир жагына кайрымдуу адам, экинчи жагына кайрымсыз адам деп жазышат (5–7мүнөт № 1 тиркеме).

*3-кадам:* Түгөйү менен иштөө: Берилген убакыт бүтүп, окуучулар тапшырманы аткаргандан кийин бири-бири менен салыштырып, толуктап жазышат (3–5 мүнөт).

4-кадам: Жазгандарын түгөйлөрдүн экөө эки жагын окуп беришет. Мугалим баалары жок же сабакка анча көңүл бурбай отурган окуучулардан сураса болот. Бул окуучулардын жоопкерчилигин көтөрөт (2–3 үн).

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма.**

№1-тиркеме Салыштыруу усулу

| Боорукер адам | Таш боор адам |
|---|---|
| • Ата-энелерин сыйлап, жардам берет;<br>• Карыяларга кайыр-садага берет;<br>• Карылар үйүнө колдоо көрсөтөт;<br>• Балдар үйүнө колдоо көрсөтөт;<br>• Окуучуларга жардам берет;<br>• Кароосуз калган балдарга кийим-кечек, азык-түлүктөн жардам берет ж .б. | • Ата-энелерин карылар үйүнө тапшырат;<br>• Ата-энелерин кароосуз калтырышат;<br>• Колунда жокторго жардам бербейт;<br>• Карылар үйүнө, балдар үйүнө кайрымдуулук кылбайт;<br>• Көчөдө кайыр сурагандарга садага бербейт;<br>• Бир туугандарына кайрымдуу эмес;<br>• Жетишпеген үй-бүлөгө жардам бербейт ж.б. |

## § 16. Коомдук турмуштагы дин

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган усул:** Эссе, коллективде иштөө

**Сабактын максаттары:**

*Билим берүүчүлүк:* Бул темадан окуучулар адамдардын айырмачылыктары, дүйнөлүк диндер жөнүндө билимдерин калыптандырышат.

*Тарбиялык:* Окуучулар дүйнөлүк диндер тууралуу маалымат алуу менен ыймандуулук, кайрымдуулук ж.б. адамдык баалуу сапаттарга ээ болушат.

*Өнүктүрүүчүлүк:* Өздөрүнүн ойлорун жыйынтыктап, эссе жазуу жөндөмдөрүн жана ыйман-адептүүлүк сапаттарын өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, кошумча тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 30–35 мүнөт

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

Жаңы сабак башталат

1-кадам: Окуучуларга төмөнкүдөй суроолор берилет:

• Дин жөнүндө эмнелерди билесиңер?

• Дин кандай жакшы сапаттарга тарбиялайт? Акыркы суроонун жооптору доскага жазылат (3–5 мүнөт).

2-кадам: Мугалим окуучуларга теманы жарыялап, көңүл коюп, окуп чыгууну сунуштайт.

3-кадам: Окуучулардын берген жоопторун баалаганга жардам берүү үчүн эскперттик топ түзүлөт. Алып баруучу суроолор жазылган карточкалар салынган кутучаны алып, окуучуларга кезек менен тарата баштайт (класстагы баалары жок окуучуларды белгилеп, катыштырса болот). Карточканы алган окуучу андагы суроону окуп дароо жооп берет (карточкалардын үлгүсү берилди). Эгерде жооп бере албаса алып баруучу ал суроону окуп, класска жарыялайт. Анын жообун билген окуучу кол көтөрүп жооп берет. Алып баруучу кийинки окуучуга өтөт. Ал карточканы алып суроо-

ну окуп жооп берет. Ар бир жооптон кийин окуучулардан кошумча толуктоолор бар же жогун сурап турат. Ушундай жол менен коллективде иштөө улана берет (10–15 мүн). Суроолорду мугалим да кошумчаласа болот.

4-кадам: Берилген убакыт аяктаганда же суроолор жазылган карточкалар түгөнгөндө коллективде иштөө токтотулат.

5-кадам: Мугалим эксперттик топ менен кеңешип, кайсы окуучунун жооптору туура болгондугун аныктап, баа коёт. Убакыттын калган бөлүгүн жооп бере албаган жана баасы жок окуучуларга кошумча суроо берип, баа коюлат.

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма:** Кайрымдуулук жөнүндө эссе жазып келүү.

**Коллективде иштөө үчүн карточкалардын үлгүсү:**
(Мугалим дагы кошумчалайт)

**1-карточка:**
Дин жөнүндө чет элдик окумуштуулар эмне деп айтышкан?

**2-карточка:**
Эмне үчүн адамдар динге сыйынышат (диндин мааниси)?

**3-карточка:**
Будда дини тууралуу эмне билесиңер?

**4-карточка:**
Христианчылык жөнүндө эмне айтып бере аласыңар?

**5-карточка:**
Ислам дининин дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүнө тийгизген таасири кандай?

**2-вариант:**

**Колдонулган усул:** Билем, билгим келет, билдим.

**Сабактын жүрүшү:**

**Сабактын жабдылышы:** Сызгыч, ручка, окуу китеби, дептер.

**Убакыт:** 15–20 мүнөт

1-кадам: Окуучулар доскадагы ББКБ таблицасын дептерине чийишет.

(1-таблица)

2-кадам: Берилген теманы бир сыйра окуп чыгышып, мурдатан билген маалыматтары болсо «билем» бөлүгүнө, жаңыдан билген маалыматтарын «билдим» бөлүгүнө жазышат. Теманы окуп жатканда окуучуларды кызыктырган суроолор пайда болсо ортоңку «билгим келет» бөлүгүнө жазышат. (10–12 мүнөт).

3-кадам: Мугалим «кошумча убакыт керекпи?» деп сурайт, окуучулар берилген убакытта тапшырманы аткарып бүтүшсө, даяр болгон окуучу кол көтөрүп аткарган тапшырмасынын «билем» жана «билдим» бөлүмүн окуп берет. Андан кийин «билгим келет» бөлүгүндөгү суроосун окуп берет. Окуучулардан билгендери болсо ал суроого жооп беришет. Башка окуучулар дагы ушундай түрдө аткарган тапшырмаларын окуп беришет.

**Үйгө тапшырма:** Эгерде «билгим келет» бөлүмүндөгү суроолордун баарына жооп берилбей калса үйгө тапшырмага берилет.

ББКБ таблицасы

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

## § 17. Мораль жана укук

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган ыкма:** Түгөйү менен иштөө, салыштыруу, чакан лекция.

**Сабактын максаттары:**

*Билим берүүчүлүк:* Мораль жана моралдык жоопкерчилик, укук бузуунун себептери тууралуу салыштыруу менен ажыратып билишет.

*Тарбиялык:* Моралдык жана укуктук жоопкерчиликтерди сыйлоого, сактоого, аларды пайдалана билүүгө тарбияланышат.

*Өнүктүрүүчүлүк:* Талдоо, салыштыруу, текст менен иштөө көндүмдөрүн жана өз көз карашын окуучуларга тааныштыра билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**Тапшырма:**

Мугалим окуучуларга төмөнкү суроолорду берип, талкуу жүрөт, ошондой эле окуучуларга талкууну жандандырып турат.

- «Мораль» деген сөздү кандайча түшүнөсүңөр? Өз оюңарды, билгениңерди айткыла.
- Укук деп эмнени түшүнөсүңөр жана кандай укуктарыңарды билесиңер?
- Укук адамдарга эмне үчүн керек?

Жаңы сабак башталат

1-кадам: Мугалим доскага «Салыштыруу таблицасын» чийет (же даяр таблица илет). Бул теманын үйгө тапшырмага берилгенин эскертүү менен окуучуларга түгөйү менен бирге кеңешип иштөө керек экендигин түшүндүрөт. Бирөө жазып, экинчисинин даяр жоопту көчүрүп алуусуна жол берилбестигин эскертет.

• Мораль – бул орусчадан которгондо ыймандуулук эрежелери дегенди билдирет.

• Мораль – жакшы менен жаманды айырмалоочу түшүнүк.

• Укук деген бул мамлекет тарабынан орнотулган жана корголгон жүрүм-турум иш чаралары (5–7 мүнөт).

2-кадам: Биз мораль жана укук жөнүндө түшүнүк алдык. Эми «Моралдык жоопкерчилик» деген теманы окуп чыгып, жоопкерчиликтүү адамдын өзгөчөлүктөрүн, алар ээ болгон жакшы сапаттарды өз түгөйүңөр менен бирге төмөнкү таблицага жазып чыккыла (5–7 мүнөт).

3-кадам: Балдар, жоопкерчиликсиздик деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?

Окуучулар жооп беришет. Мисалы: Берген убадага турбоо, тапшырманы өз убагында аткарбоо, калп айтуу, тентектик кылуу ж.б. Бул айтылгандарды дагы таблицанын экинчи бөлүгүнө жазышат (5–7 мүнөт).

| Жоопкерчиликтүүлүк | Жоопкерчиликсиздик |
|---|---|
| • Адам жасаган ишин ойлонот.<br>• Өз иш-аракетине, кылык-жоруктарына жооп берет.<br>• Жоопкерчилик адамдын жүрүм-турумун көзөмөлдөйт.<br>• Жоопкерчилик адамдын аң сезимдүү түрдө аткарган иш-аракетинин жыйындысы ж.б. | • Берген убадага турбоо.<br>• Тапшырманы аткарбоо.<br>• Калп айтуу, алдамчылык<br>• Тентектик кылуу. |

4-кадам: Балдар, биз «Укук бузгандар кандай жоопкерчиликке тартылат?» деген темадан укук бузуунун себептери ар кандай болоорун билдик. Мисалы: Жоопкерчиликтин жоктугу, руханий дүйнөнүн жардылыгы ж.б. силер дагы кандай себептерин билесиңер? Ойлонуп, түгөйүңөр менен бирге дептериңерге жазгыла (5–6 мүнөт).

5-кадам: Түгөйлөрдүн бири жазгандарын окуп берет.

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма.**

**№2-тиркеме**

**Тапшырма:** Окуучулар текстти көңүл коюп, 2–3 жолу окуп чыгып, мугалимдин суроолоруна жооп беришет.

*Ч. Айтматов*

**«Бетме-бет»**

Согуштан качып келип, үңкүрдө жашап жүргөн Ысмайыл көп балалуу Тотойдун жалгыз уюн уурдап, союп алган. Ал түн ичинде үйгө жашырынып келип, колунда кармап келген бир нерсесин былк эттире жерге таштаганда чочуп кеткен Сейденин жүрөгү да болк этип, кошо үзүлүп түшкөндөй болду. Ал эңкейе калып, жерде жаткан баштыкты сыйпалады. Колго жумшак бир нерсе урунду. Баштыктагы эт экен.

– Сен белең? – деди заматта тамагы кургап, буулуп калган Сейде.

– Чш! Унчукпа! – Ысмайылдын көзү караңгыда жашыл от болуп, жакындап келип, бетке энтигип оор дем алды. – Унчукпа, ишиң болбосун!..

– Ушул жетимдердин кешигине кол салгандан көрө өзүбүздүн кунаажынды союп салсаң болбойт беле!

– Былжыраба! – Ысмайыл аны ийнинен кыса кармап силкти. – Мени үйрөткөндү коюп, өзүңдү бил. Заманың бөрү болсо, бөрү бол! Ушул кезде ар ким эле өзүм гана тойсом дейт. Башкалар менен ишиң эмне экен, сен ачтан өлүп бара жатсаң да, бирөө келип казаныңа аш салып бербейт. Алган алып, жулган жулат!.. Мен өзүмдүн кунажынымды союп салсам, балабызга сүт кана, элдин балдары өзүңдүкүнөн артык болуп кеттиби, яа?..

Суроолор:

• Текстти окуп чыгып, ыймандуулук жана моралдык көз караштан алганда Ысмайылдын иш-аракеттерин кандай баалай турганыңарды айтып бергиле.

• Ысмайылдын Сейдеге берген жоопторуна туура көргөн же каршы болгон далилдерди келтиргиле.

• Сейде эмне үчүн күйөөсү Ысмайылдын согуштан качып келгенин тиешелүү жерге билдирген жок деп ойлойсуңар?

## § 20. Ата Мекенди коргоо

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган ыкма:** Түгөйү менен иштөө, класста жалпы талкуу жүргүзүү.

**Сабактын максаттары:**

*Билим берүүчүлүк:* Мамлекеттин коопсуздугу, Ата Мекенди коргоо, армиянын зарылчылыгы тууралуу окуп-үйрөнүү менен өз түшүнүктөрүн кеңейтишет.

*Тарбиялык:* Түгөйлөр бирге ойлонуп, кеңешип иштөөгө, туура жоопторду аныктай билген тапкычтыкка көнүгүшөт.

*Өнүктүрүүчүлүк:* Берилген маалыматтарды анализдөө, жыйынтык чыгаруу билгичтиктерин өнүктүрөт.

Сабактын жабдылышы: Окуу китептери, мугалим түзгөн суроолор, «Мамлекет» жөнүндөгү көрсөтмө куралдар.

**Сабактын жүрүшү:** Эки вариантты тең өтүү сунушталат.

**Убакыт:** 15–20 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**Жаңы сабак башталат.** 1-кадам:

• «Балдар, силер коопсуздук деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?» деген суроо берилип, ага окуучулар жооп беришет. Болжолдуу жооптор: Биздин жеке коопсуздугубуз, классташтарыбыздын коопсуздугу, жолдо жүрүү коопсуздугу ж.б.

• Силердин оюңарча коопсуздукту сактоо кызматы кайсы жерлерде турат, алар эмне иштерди аткарат?

2-кадам: Мугалим: «Балдар, силер туура жооп бердиңер, бирок булардан башка мамлекеттик коопсуздук жана анын бир нече багыттары да бар. Азыр силер бул тапшырманы аткаруу менен ал багыттарды жана алардын милдеттери жөнүндө түшүнүк аласыңар».

3-кадам: Окуучуларга экөөнө бирден дал келтирүү таблицасы таратылып, мугалим түгөйлөргө кеңешип тапшырмалардын туура жоопторун табуу керек экендигин эскертет (окуучулар китептерин жаап коюшат). Балдар тапшырманы аткара башташат (5–8 мүн.)

4-кадам: Бөлүнгөн убакыт бүткөндөн кийин түгөйлөр кол көтөрүп жооп бере башташат, бирөө тапшырманы окуса, экинчиси жообун окуп, айтып беришет. Калган түгөйлөр өз иштерин салыштырып, оңдоо киргизишет. 4–5 түгөй окуп берип, бардыгы текшерип бүткөндөн кийинки тапшырманы аткарууга өтүшөт. Эгерде мугалим кааласа «Дал келтирүү таблицаларын» жыйнап алып, 3–4 окуучунун жардамы менен текшерип (аларга тапшырманын жооптору берилген), анын жыйынтыгын окуучуларды баалоого пайдаланат.

**Эскертүү:** «Дал келтирүү таблицасы» 14-тема, 2 варианттын үлгүсүндө түзүлөт.

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма.**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Суроолору менен кластер.

Сабактын жабдылышы: «Суроолору менен кластер» чийилген барактар (таркатма барактар). Окуу китеби.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**Тапшырма:** 1. Ата Мекенди ким кандай түшүнөт? Дептериңерге беш-алты мисал келтирип жазып, аларды аргументтеп айтып бергиле. Окуучулардан кийин мугалим аларга төмөнкү саптарды окуп берет: М: (Дагы кошумчаласа болот).

• Ата Мекен ар бир адамдын киндик каны тамган айылы, өз мамлекети.

• Ата Мекен – бул ыйык түшүнүк, адамдагы баалуулук.

• Ата Мекен – бул эч нерсеге алмаштыргыс касиеттүү ыйык Ата-Журт.

• Ата Мекен – бул кылымдар бою ата-бабаларыбыздын каны-жаны менен корголуп, апаларыбыздын көз жашына жуулган жер.

- Ата Мекен – ата-бабаларыбыздын өчпөс тарыхы.
- Ата Мекен – ар бир жарандын ар-намысы.

2. Текстти окуп, Манас баатыр анын акыл кошчуларынын өз эли жерине болгон мамилесин ачып көрсөткүлө.

«Манас баатыр менен анын Кошой, Бакай, Сыргак, Чубак, Алмамбет сыяктуу баатырларынын сыйынып, туу тутканы, эл жана Мекен, алардын биримдиги менен боштондугу, Ата журттун ар намысы болуп эсептелет. Ошондуктан «Ала-Тоо артык жер үчүн, ак калпак кыргыз эл үчүн, жанымды курман чалайын!» - деп айтышканы бекеринен эмес. Көк жал Манас баатырдын: «Калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин» - деген саптарын колдонууга болот жана бул эки сүйлөмдүн маанисин түшүндүрүп беришет.

3. Акын бул ыр саптарында өз Ата Журту тууралуу кандай ойлорду айткысы келген? Силер дагы өз Ата Журтуңарга ушул сыяктуу ой-тилектерди айта алар белеңер?

«Ата Журт» А.Осмонов, кыргыз элинин улуу акыны:

Жаз да башка, жел тийбесин абайла,
Көпкө турбас мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт.

Мугалим кластерди даярдап, клетка же тегеректеринин ичине суроолорду жазат (кластер суроолору менен үлгүсү берилди). Алар эки окуучуга бирден таратылат (2–3 мүнөт), (таркатма барактар колдонулат).

2-кадам: Окуучулар «Ата Мекенди коргоо, армия эмне үчүн керек», деген кичи темаларды окуп чыккандан кийин кластердеги суроолорго жоопторун кластердин алдына номери боюнча кыскача жазышат (10–15 мүнөт).

3-кадам: Берилген убакыт бүткөндө каалагандар же баасы жоктор кластердеги суроолорду окуп, жоопторун айтып беришет.

4-кадам: Убакыт бүткөндө ар бир топ ватмандарын доскага илип, аткарган иштерин окуп айтып беришет. Башка топтор кошумчалап, суроо берет (2–3 мүнөт). Мугалим эксперттер менен бирге сунуш-пикирлерин айтып, баа беришет.

**Баалоо.**
**Үйгө тапшырма.**
Кластер суроолору менен




Кластердеги суроолорго номерине карата жооп жазуу:
1. Ата Мекенди коргоо үчүн
2. ____________________
3. ____________________
4. ____________________
5. ____________________
6. ____________________
7. ____________________
8. ____________________

Администрация мүчөсү бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

**1 саат практикалык иш. Чейректик кайталоо**

1-, 2-, 4-чейректеги кайталоо сабактарын пайдануу сунушталат.

## Тема: Чейректик кайталоо

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган ыкма:** Карусель

**Сабактын максаттары:**

*Билим берүүчүлүк:* Окуучулар өтүлгөн темаларды кайталап, суроо түзүп, мурдагы сабактардан алган билимдерин системалаштырып, жалпылайт жана бышыктайт.

*Өнүктүрүүчүлүк:* Жогорку деңгээлдеги суроолорду берүү жана аларга аргументтүү кыска, так жооп берүү аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүү, тез-тез ойлонуп, жооп таба билүү, көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

*Тарбиялык:* Берилген суроолорго жооп берүү аркылуу интеллектуалдык деңгээлин жана эске тутумун жогорулатууга, бири-бирин уга билүүгө, сыйлоого тарбияланышат.

**Сабактын жабдылышы:** Ар бир окуучуда 8–10 суроолор жазылган дептерлер болушу керек.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

Жаңы сабак башталат.

*1-кадам:* Парталарды П түрүндө жайгаштырып, класстын ортосунда аянт даярдалат. Окуучулар саноо жолу менен экиге бөлүнөт. Эки окуучудан турган эксперттер тобу түзүлөт.

*2-кадам:* Биринчи номерлер ортого чыгып, ички тегеректи түзөт. Экинчи номерлер алардын сыртынан экинчи тегеректи түзүп, бири-бирине бетме-бет турушат (3–5 мүнөт).

*3-кадам:* Окуучулар үйдөн түзүп келген суроолорун бири-бирине беришет. Суроого жооп бере албай калса, суроо берген окуучу өзү жооп берет.

*4-кадам:* Андан кийин биринчи номерлер солго жылып, экинчи номерлер ордунда калат. Ошентип, ички тегерек суроо бергенде сол жакка, сырткы тегерек суроо бергенде оң жакка жыла беришет. Суроо берүүнү биринчи суроо берген

окуучулар кездешкенге чейин же убакытка жараша мугалим токтотконго чейин улантса болот (20–25 мүнөт). Акырында эксперттер менен бирге суроо-жооптордун маанисине, аргументтүүлүгүнө карап баа коюп жыйынтыкташат.

*Суроолор:*

1. Кайсы суроолор кызыктуу болду?
2. Өзүңөрдүн берген жообуңарга канааттандыңарбы?
3. Жооп бере албаган суроо болсо доскага жазып коюп, жооп тапканга аракет кылгыла.

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма.**

## САБАКТЫН КОШУМЧА УСУЛДУК ИШТЕЛМЕЛЕРИ

### Тема: Адам жана экономика

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган усул:** Биргелешип издөө усулу.

**Сабактын максаттары:**

*Билим берүүчүлүк:* Экономика, экономикалык өсүш жана бизнестин түрлөрү тууралуу түшүнүк алышат.

*Тарбиялык:* Окуучулар жоопкерчиликке, эмгектенүүгө тарбияланышат.

*Өнүктүрүүчүлүк:* Окуучулар берилген суроолорго жооп берүү менен талкууларга активдүү катышуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, мугалим түзгөн суроолор.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 25–30 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

Жаңы сабак башталат.

*1-кадам:* Окуучуларга текст таратылып, аны көңүл коюп окуп чыгышат.

*2-кадам:* Берилген убакыт бүткөндө мугалим темага байланыштуу мурдатан түзгөн сүрөмөлөөчү суроолорун берип, талкуу жүрөт. Бул суроолор биргелешип издөө методун ийгиликтүү колдонуунун ачкычы болууга тийиш.

*3-кадам*: Мугалим жоопту жалпы укпастан ар бир окуучунун жеке пикирин угуп жана башкалардын пикирин да сурап турушу керек. Эгер окуучу туура эмес жооп берсе, анын жообун мугалим кайталап айтат. Бул учурда окуучу өзүнүн туура эмес жооп берип жаткандыгын түшүнүп, туура жооп табууга аракеттенет (Чагылдыруу ыкмасы) (12–15 мүн).

Биргелешип иштөө дискуссиясында мугалим эмнеге көңүл буруусу керек:

- Кызыктуу суроолорду пайда кыла турган текстти тандоо же түзүү;
- Өзүңүздү билерман же байкагыч кылып көрсөтпөө;
- Талкуу учурунда темадан четтебөө;
- Суроолордун баарына жооп алууга аракеттенбөө;

4-кадам: биргелешип жооп издөө аркылуу бардык суроолорго жооп бергенден кийин мугалим өзгөчөлөнүп жооп берген окуучуларга баа коюп, сабакты жыйынтыктайт.

БИМде колдонулуучу суроолор (мугалим дагы кошумчалайт).

1. «Ойкономия» деген терминди ким киргизген жана ал эмнени билдирет?
2. Рагнар Фриш деген ким?
3. Макроэкономика жана микроэкономика эмне жөнүндөгү илимдер?
4. «Бизнес» деген сөз эмнени билдирет?
5. «Бизнесмен» деген сөз эмнени билдирет?
6. «Бизнес картасы» деген сөздү кандай түшүнөсүң?
7. «Бизнес класс» деген эмне?
8. «Бизнес-инкубатор» жөнүндө эмнени билесиңер?
9. «Фирма» деген сөздү кандай түшүнөсүң?

**Баалоо.**

**Үйгө тапшырма.**

Мугалимдин тандоосуна.

2-вариант.

**Колдонулган усул:** Түгөйү менен иштөө, дал келтирүү.

**Сабактын жүрүшү:**

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, дал келтирүү таблицасы.

**Убакыт:** 15–20 мүнөт.

*1-кадам:* Түгөйлөрү менен отурган окуучуларга бирден дал келтирүү таблицасы таратылат (китептерин жаап коюшат).

*2-кадам:* Алар таблицаны окуп, бирге кеңешип номер коюу аркылуу дал келтиришет (5–7 мүнөт)

*3-кадам:* Окуучулар тапшырманы аткаргандан кийин аларды мугалим жыйнап алып, 2–3 окуучунун жардамы менен текшерип чыгат (аларга тапшырманын жооптору берилет). Аны сабактын аягында эске алып, пайдалануу сунушталат.

## Дал келтирүү таблицасы (китептен алынат)

| № | Адам жана экономика | № | Жооптору |
|---|---|---|---|
| 1. | Экономика | 1. | Бүткүл улуттук чарба жөнүндөгү илим |
| 2. | Микроэкономика | 2. | Киреше табуу жарандарды окутуучу окуу жайы |
| 3. | Макроэкономика | 3. | Адамдардын өндүрүш, керектөө жана бөлүштүрүү тармагындагы мамилелерди камтыйт |
| 4. | Бизнес | 4. | Жогорку даражадагы кызмат көрсөтүүнүн бир түрү |
| 5. | Бизнесмен | 5. | Ишин жаңы баштаган жарандарга кеңеш берүүчү уюм |
| 6. | Бизнес мектеби | 6. | Керектөөчүлөр жана фирмалар жөнүндөгү илим |
| 7. | Бизнес картасы | 7. | Бардык мыйзамдуу бизнести уюштуруунун формасы |
| 8. | Бизнес- класс | 8. | Пайда берүүчү экономикалык ишмердик... |
| 9. | Бизнес-инкубатор | 9. | Пайда же киреше алып келүүчү экономиканын мыйзамдуу түрү менен аракеттенген ишкер |
| 10. | Фирма | 10. | Ишмердикте пайдалануу үчүн эл аралык төлөм картасы |

Жооптору: 1-3, 2-5, 3-1, 4-7, 5-9, 6-2, 7-10, 8-4, 9-5, 10-7.

Администрация мүчөсү бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

## Тема: Экономикалык система жана анын түрлөрү

**Өтүү мөөнөтү:**

**Колдонулган усул:** Сабактын максаттары:

*Билим берүүчүлүк:* Экономикалык системанын түрлөрү, өзгөчөлүктөрү жана принциптери тууралуу билимдерин кеңейтишет.

*Тарбиялык:* Окуучулар азыркы учурдагы экономикалык абалга жараша, ыңгайлаша билүүгө тарбияланышат.

*Өнүктүрүүчүлүк:* Берилген темадан маанилүүлөрүн талдап, ажырата билүү, аны окуучуларга аргументтеп айтып берүү, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн, сынчыл ойлонуу жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби же мугалим тарабынан даярдалган тексттер, эки бөлүктүү күндөлүктүн таблицасы доскага илинет же чийилет. (№1-тиркеме)

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 25–30 мүнөт.

**Уюштуруу:** Саламдашуу, толуктоо.

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

*1-кадам:* Окуучулар доскадагы үлгүгө карап, дептерине эки бөлүктүү күндөлүктүн таблицасын чийишет. Мугалим же окуучу таратып берген текстин же окуу китебин пайдаланып, андагы кызыктуу, маанилүү, мурда билген маалыматтарды эске түшүргөн жерлерин, цитаталарды, белгилүү даталарды күндөлүктүн «цитата» бөлүгүнө жазышат. Ал эми «комментарий бөлүгүнө цитата, даталарга ж.б. арналган түшүндүрмө жоопторун жазышат. (10–12 мүнөт)

Окуучулар «ушул маалыматтарды жазып, жооп бергенге эмне түрткү берди? Алар кандай ой-пикирлерди, суроолорду пайда кылды?» деген суроолорго ойлонуп, жооп берүүлөрү керек? Себеби, презентация учурунда мугалим же окуучулар тарабынан ушул сыяктуу суроолор берилип калуусу мүмкүн.

*2-кадам:* Белгиленген убакыт бүткөндө окуучулардын бири өзүнүн жазган цитата, комментарийлерин окуп, айтып

беришет. Эгерде кимде ушуга окшош цитата же комментарий болсо кол көтөрүп, ал дагы окуп, айтып берет. Мугалим же окуучулар суроо беришип, жооп алышат. бардык окуучулар аткарган иштерин айтып бергенде же берилген убакыт бүткөндө, мугалим кимдин цитаталары маанилүү жана комментарийлери аргументтүү болгондугун окуучулардан сурап баалоо менен сабак жыйынтыкталат. Эгерде, эки бөлүктүү күндөлүккө камтылбай калган маанилүү маалыматтар болсо аларды мугалим толуктайт.

**Баалоо.**

**Үй тапшырма:** 16-теманы окуп келүү.

№1-тиркеме

| Цитата | Комментарий |
|---|---|
| Жеке менчик | Адамдардын жана фирмалардын өндүрүш каражаттарына ээ болуу укугу |

Администрация мүчөсү бекитет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |
| Бекитемин | 20____-ж. | Колу | |

## МАЗМУНУ


Бул усулдук иштелмелердин өзгөчөлүктөрү........................3

Усулдарды туура тандоо..............................................6

Компетенттүүлүк түшүнүгү.......................................11

Сабактын тибин оптималдуу тандап алуу......................14

Окуу процессин баалоо..............................................24

Интерактивдүү оюндар.............................................36

§1. Адамдын жашоосунун табигый чөйрөсү......................45

§3. Адам өзүн-өзү кандайча таанып билет.......................47

§4. Адам организминин мүмкүнчүлүктөрү........................51

§5. Жеке коопсуздук..................................................52

§§8–9. Мектеп жана окуучу.........................................55

§10. Өз алдынча билим алуу.........................................57

§§14–15. Коомдогу адептик баалуулуктар ..........................59

§16. Коомдук турмуштагы дин. .......................................62

§17. Мораль жана укук. ................................................65

§20. Ата Мекенди коргоо...............................................68

Сабактын кошумча иштелмелери.....................................73

О к у у б а с ы л м а с ы

**Осмонов Өскөн Жусупбекович**
**Керимова Шайгүл Керимовна**
**Саалаев Өскөн Балталиевич**

**АДАМ ЖАНА КООМ**

6-класс

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо

Редактору *М. Иманкулов*
Корректору *К. Мамыркулова*
Тех. редактору *В. Крутякова*
Дизайнери *У. Дуулатова*

Басууга 25.08.2018-ж. кол коюлду.
Форматы 60 × 84 $^{1}/_{16}$. Офсет кагазы. «Мектеп» арибы.
Көлөмү 5,0 ф. б. т. Нускасы 2 900. Заказ №

«Билим-компьютер» басмаканасында даярдалган
720031, Бишкек ш., С. Ибраимов көчөсү 24, 409.